**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.11.022 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК.371. 3: 82: 373

**БАТАКАНОВА СВЕТЛАНА ТОПЧИЕВНА**

# ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУДА КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРГА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы
менен методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2011**

Диссертациялык иш Кыргыз билим берүү академиясынын Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясында аткарылды.

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору
**Муратов А.Ж.**

педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Жумажанова Т.К.**

филология илимдеринин доктору
**Искендерова С.И.**

**Жетектөөчү мекеме:** Казак мамлекеттик кыздар педагогикалык университетинин Казак адабияты жана методика кафедрасы

Диссертациялык иш 2011-жылдын «_____»_____________ саат _____ Кыргыз билим берүү академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.11.022 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25.

Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2011-жылдын «_____»________________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин
доктору, профессор Добаев К.Д.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамы этностун улуттук жаңырышын, адам укугун, эркиндигин камсыз кылууга, калайыкка татыктуу жашоо деңгээлин түзүүгө, билимди, маданиятты өнүктүрүүгө, жалпы адамзатка таандык адеп-ахлактык принциптерди жана элдик каада-салттарды, асыл-нарктарды байытууга, дүйнөлүк коомчулукка эркин, демократиялуу жарандык коом экендигибизди таанытууга багытталган. Анда ал, мамлекет укук туткан, динге негизделбеген, эркүү, биримдиктүү, демократиялуу Республика деп жарыяланган. Баш мыйзамда окутуу-тарбиялоо системалаштырылган маалыматтарды, билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, тажрыйбаларды үйрөнүүнүн максатка багытталган процесси, натыйжасы, ошондой эле, адамды турмушка, эмгекке, коомдук-социалдык иш-аракетке даярдоонун эң маанилүү шарты экендиги негизделген.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамында окутуп-тарбиялоонун стратегиясы бир беткей теңдемечил болбой, көп түрдүүлүктүн интеграциясына жана тандоонун дифференциялуулугуна динамикалуу бет алгандыгы так аныкталган. Ошого ылайык көркөм-эстетикалык билим берүүнүн функциялары, максаттары, милдеттери, предмет боюнча программалардын түрлөрү, окуу жүктөрүнүн көлөмдөрү, мазмундары ж.б. категориялар адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартында өркүндөтүлүп келе жатат.

Адабият – таанып-билүүнүн жана тарбиянын булагы. Кыргыз адабияты предмети – окуучулардын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнүн таасирдүү каражаты. Ошондуктан адабиятты «көркөм изилдөө» же «адам таануу» катарында мүнөздөшөт. Окутуп-талдоо – адабий билим берүүнүн жана тарбиялоонун өзөгү. Адабий текстти үйрөнүү максатында окутуп-талдоо жүргүзүлүп, чыгарманын окуя-сюжети, образдары, композициялык табияты, идеялык-тематикалык мазмуну жана проблемалары курамдык бөлүктөргө ажыратылуу аркылуу синтезделет, б.а., окуялардагы бүтүндүктү–бөлүктөргө, образдар системасын – каармандарга (кейипкерлерге), композициялык татаалдыкты – компоненттерге, идеялык-мазмунду – түшүнүктөргө ажыратуу аркылуу чогултууга, топтоштурууга жетишүү.

Тилекке каршы, мектепте көркөм чыгармаларды окутуп-талдоонун методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана методикалык негиздери али да болсо, илимий-практикалык аспектиде кеңири жалпылаштырыла элек.

Орто мектептерде көркөм чыгармаларды окутуп-талдоонун методикасынын бирдиктүү системасынын иштелип чыкпагандыгы,

коомдун койгон талабы менен окуучулардын адабий-көркөм, маданий-эстетикалык билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн деңгээлдеринин ортосундагы дал келбөөчүлүктөрдү ж.б. карама-каршылыктарды жоюуга болгон изденүү бул диссертациянын актуалдуулугун аныктайт.

Көркөм чыгармаларды окутуп- талдоонун проблемалары орус (Л.С. Айзерман, А.Д. Алферов, Ц.П. Балталон, Г.И. Беленький, Т.Г. Браже, Р.Ф. Брандесов, Ф.И. Буслаев, В.И. Водовозов, В.В. Голубков, Г.А. Гуковский, В.В. Данилов, А.М. Докусов, Т.В. Зверс, Т.С. Зепалова, М.Г. Качурин, Н.В. Колокольцев, Н.О. Корст, Н.И. Кудряшев, Т.Ф. Курдюмова, А.А. Липаев, В.Г. Маранцман, Н.Д. Молдовская, В.А. Никольский, В.П. Острогорский, А.И. Ревякин, З.Я. Рез, Я.А. Роткович, М.А. Рыбникова, Н.М. Соколов, С.А. Смирнов, В.Я. Стоюнин, Л.С. Троицкий, Т.В. Чирковская, Д.О. Хмарский, В.Р. Щербина, ж.б.), түрк (Ж. Ахмедов, Т. Жумажанова, А. Зуннунов, А. Карабаглы, А. Кошимбаев, Ш. Микайлов, А. Мураддурдыев, А. Самедов, К.Н. Сариева, Б. Сманов, Ж. Эсенов, О. Язымов ж.б.) тилдүү адабияттарды окутуу методикасында ар кандай деңгээлде иликтенип келген.

Изилдөөдө советтик, орус (Ю.К. Бабанский, Л.С. Выготский, Л.В. Занков, В.А. Кан-Калик, В.В. Краевский, И.Я. Лернер, А.Н. Леонтьев, А.М. Матюшкин, М.И. Махмутов, С.Л. Рубинштейн, В.И. Смирнов, М.Н. Скаткин, В.А. Сластенин, И.Ф. Харламов, А.В. Хуторский, Э.Г. Юдин ж.б.), кыргыз (И.Б. Бекбоев, Э.М. Мамбетакунов, Л.А. Шейман ж.б.) окумуштуулардын педагогикалык, дидактикалык жана психологиялык багыттагы иликтөөлөрү жетекчиликке алынды.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасына байланыштуу алгачкы макалалар 30-жылдардын акырында чыга баштаган (М. Жаңыбаев, К. Акылбеков). Методиканын булак көзүн ачкан саамалык макалаларда эле көркөм чыгарманы окутуп-талдоо маселелери көтөрүлгөн. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимине К.Иманалиев,[1] Б.Алымовдор[2] зор салымдарын кошушкан. Окумуштуулардын (Э. Абдрасулова, Б. Аман кызы, С. Байгазиев, Б. Байсабаев, С. Батаканова, Н. Жапаралиева, К. Кенжешов, Ү. Култаева, М. Ибраева, И. Исамидинов, Н. Ишекеев, К. Мамбеталиев, С. Мойдунова, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А. Муратов, Т. Мусамбетов, Б. Оторбаев, С. Рысбаев, К. Сабаева, Д. Саалиева, С. Сакиева, М. Тешебаев, А. Турдугулов, З. Усубалиев, Ж.

[1] Иманалиев К. Орто мектепте кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. - Ф.: Мектеп, 1973; Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп,1976.

[2] Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1981; Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1984.

Уразова, О. Шаимкулов, В. Шнейдман, Ж. Эшиев ж.б.) жана мугалимдердин (Б. Батыркулов, Б. Исаков, А. Сманбаев ж.б.) эмгектеринде көркөм чыгарманы окутуп-талдоонун тигил же бул маселелери каралат. Айрым бир методикалык сунуштар берилет. Бирок, эч биринде орто мектепте көркөм чыгармаларды окутуп-талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери толук, ар тараптуу иштелип чыгып, системага салынган эмес.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**: жалпы билим берүүчү орто мектептердеги кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-дидактикалык технологияларын иштеп чыгуу, аларга карата практикалык сунуштарды берүү изилдөөнүн максаты болуп эсептелет. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- мектептерде көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн методологиялык негиздерин аныктоо;
- көркөм чыгарманы талдоонун илимдеги жана практикадагы абалын иликтөө жана аларды жалпылаштыруу;
- жалпы дидактикалык принциптерди жана методдорду көркөм чыгарма аркылуу билим берип, ал аркылуу тарбиялоодо оптималдуу натыйжаларды негиздөө;
- орто мектепте көркөм чыгарманы талдоонун илимий негизи катарында адабият таануунун жана көркөм ой жүгүртүүнүн категорияларын ийкемдүү, натыйжалуу колдонуунун мүмкүндүктөрүн айкындоо;
- сабактын максатына, түзүлүшүнө, чыгармалардын нарк-насилине, окуучулардын кабыл алуусунун педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүгүнө жана көркөм-эстетикалык маданиятына адекваттуу окутуп-талдоонун деңгээлин, тартибин, ыраатын аныктоо;
- ар түрдүү тектеги, түрдөгү, жанрдагы чыгармалардын мазмуну менен формасынын негизги компоненттери боюнча талдоонун теориясын жана технологиясын өркүндөтүү максатында тажрыйба иштерин уюштуруу.

**Иштин илимий жаңылыгы:** мектептерде кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгармаларды окутуп-талдоонун методологиялык, педагогикалык, дидактикалык негиздеринин семантикасы ареалдык концепцияда өркүндөтүлдү; кыргыз адабиятын окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасында көркөм чыгармаларды ырааттуу анализдөөнүн пайдубалы болгон педагогикалык-эстетикалык илимдердин соңку жетишкендиктерин орундуу, рационалдуу колдонуу негизделип, анын теориялык-практикалык маңызы инсандын калыптанышын өркүндөтүүгө багытталды; дидактикалык принциптерди көркөм чыгармалардын мазмуну менен формасына, эстетикалык асылдуулугуна жана сабактын максатына жараша талдоодо ийкемдүү колдонуу сунуш кылынды; кабыл алуунун психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша көркөм чыгармаларды талдоодо окуучу менен окуучунун жана мугалимдин ортосундагы интерактивдүү мамиленин мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлдү; педагогика, адабият илимдерине таянуу менен лирикалык, эпикалык, драмалык чыгармалардын поэтикалык өзгөчөлүгүнө жараша талдоонун адекваттуу методдору, ыкмалары жана жолдору, каражаттары аныкталды; көркөм чыгарманы анализдөөнүн этаптары, деңгээлдери, инновациялык сабактардын моделдери сунушталды жана алардын адабий билим берүүнүн мазмунундагы орду менен окуучулардын көркөм-эстетикалык маданиятын өнүктүрүүдөгү мыйзам–ченемдүүлүктөрү айкындалды; көркөм чыгармаларды окутуунун, талдоонун жана тарбиялоонун теориясы менен технологиясы иштелип чыгып, системасы түзүлдү; чыгармаларды мектептик талдоонун теориясын практикада жана практикасын теорияда тастыктоо максатында эксперимент иштери өткөрүлүп, алардын жыйынтыктары жалпылаштырылды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу:** диссертациянын мазмун-маңызы адабият боюнча билим берүүнүн, тарбиялоонун концепциясын жана стандартын өркүндөтүүгө жардам берет. Мектептерде көркөм чыгармаларды талдоо боюнча окуу-методикалык комплекстердин мазмунун байытат. Изилдөөнүн материалдары мектепте адабиятты окутуу процессинде түздөн-түз колдонулат жана жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде, мугалимдердин адистигин жогорулатуу курстарында окулуучу кыргыз адабиятын окутуунун методикасы дисциплинасы боюнча лекцияларда жана атайын курстарда, практикалык, лабораториялык сабактарда пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- мектептерде көркөм чыгармаларды талдоонун методологиясы, принциптери, мыйзам–ченемдүүлүктөрү жана методдору адабий-эстетикалык билим берүүнүн фундаменталдуу негиздерин уюштурат;

- сабактын максатына, окуучулардын филологиялык даярдыгына, курактык-психологиялык өзгөчөлүгүнө, чыгарманын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна жараша анализдөөнүн мазмундарын, формаларын, жолдорун жана каражаттарын ийкемдүү пайдалануу окутуп-тарбиялоонун теориясы менен технологияларын өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт;

- мазмун менен форманы бирдиктүү карап, көркөм чыгармалардын жанрдык-стилдик өзгөчөлүгүнө ж.б. жараша талдоонун методикасы, биринчиден, адабиятты илим катарында, экинчиден, искусствонун түрү иретинде, үчүнчүдөн, таалим-тарбиянын булагы, каражаты катары өздөштүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат;

- интерактивдүү окутуп-талдоо процессинде окуучу менен окуучунун жана мугалимдин синхрондуу аракети көркөм чыгармага этикалык-эстетикалык анализ жүргүзүүгө, окуучулардын акыл-эс ишмердүүлүгүн активдештирүүгө, терең билим жана тарбия алууга түрткү берет;

- талдоонун активдүүлүгү окуучулардын көркөм окуу, эвристикалык, изилдөөчөлүк жана репродуктивдүү ишмердүүлүгүн чыгармачылык менен уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт. Кабыл алуудагы окуучунун психологиялык жекече сапаттарын бекемдейт. Майнаптуу бүтүмдөргө жетишүүнүн усулдарын жана жолдорун аныктайт;

- анализдөөнүн натыйжасында окуучулар менен өткөрүлгөн адабий-чыгармачылык изденүүлөр, оозеки, жазуу жумуштары, проблемалык тапшырмалар ж.б. көркөм образды (адамды), эстетикалык кубулуштарды таанып-билүү функциясын өркүндөтөт, адабий билимдерин чыңдайт, өзүн жеке инсан катары максат коё билүү логикасын бекемдейт жана чоң турмушка карата багыт берет;

- кыргыз адабиятын окутуп-талдоодо иштелип чыккан методикалык системаны оптималдуу пайдалануу окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн, интеллектилеринин, окурмандык компетенцияларынын жана гуманисттик көз караштарынын кенендигине, тереңдигине шарт түзөт. Жалпы эле көркөм-эстетикалык жана адабий-философиялык маданиятын калыптандырат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

- мектептерде көркөм чыгармаларды талдоо процессиндеги методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздердин орду менен маанисинин жаңыча аныкталгандыгында;

- талдоодо сабактын максаттары, адабий материалдардын нарк-насили жана мугалим менен окуучунун бирдиктүү ишмердүүлүгүн аныктаган мазмундардын, формалардын, дидактикалык принциптердин, методдордун, каражаттардын илимдин кийинки жетишкендиктерин пайдалануу аркылуу айкындалгандыгында;
- адабий чыгарманын мазмуну менен формасына, жанрдык-стилдик өзгөчөлүгүнө, идеялык-тематикалык бөтөнчөлүгүнө, көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, автордун чыгармачылык индивидуалдуулугуна жана окуучулардын билим деңгээлине, курактык бөтөнчөлүгүнө жараша талдоонун салттуу, интерактивдүү методикасынын максаттуу иштелип чыккандыгында;
- мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздерин жалпылаштырууда теория менен практиканын гармониясына ширелген системалуу моделдин түзүлгөндүгүндө.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** изилдөө 1995-2010-жылдарда үч этапта жүргүзүлдү. Эксперименттик база катарында Бишкек шаарындагы №1, №5, №38, №73, Кочкор районундагы Кум-Дөбө, Нарын шаарындагы Токтогул, Тоң районундагы Кара-Коо мектептери алынган. Илимий-практикалык ой-пикирлер, жыйынтык, корутундулар аталган мектептерде сынактан өткөрүлдү. Изилдөөнүн натыйжалары боюнча Республикалык, Эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамалар жасалды.

**1-этапта (1995–1998-ж.ж.)** байкоо, иликтөө иш-аракеттери жүргүзүлүп, анда темага байланыштуу теориялык булактар үйрөнүлдү, талданды жана синтезделди. Практикалык иштердин мазмуну жана багыты аныкталып, изилдөөнүн илимий божомолунун негизи түзүлдү. Алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары талдоого алынды жана жалпылаштырылды. Адабиятчылардын, методисттердин, мугалимдердин көркөм чыгармаларды адабий-усулдук максатта талдагандары иликтенди жана алардын сабактарына катышып, тажрыйбалары өздөштүрүлдү. Көркөм текстти окуп-үйрөнүүнүн педагогикалык-психологиялык жагдайлары изилденди.

**2-этапта (1999–2005-ж.ж.)** изилдөө, аныктоо процесси жүрүп, иштелип чыккан методика талданды жана жалпылаштырылды. Орто мектептерде өтүлүп жаткан сабактарга жалпы байкоо жүргүзүлүп, чыгармаларды окутуп-талдоо боюнча эксперименттик иштер уюштурулду. Окутуунун дидактикалык-психологиялык, адабий-методикалык негиздери иштелип чыгып, аны практикалык жактан жүзөгө ашыруунун методдору, ыкмалары, каражаттары жана жолдору айкындалды.

**3-этапта (2005–2010-ж.ж.)** орто мектептерде адабий чыгармалардын мазмуну менен формасын бирдиктүү талдоонун иштелип чыккан технологиясын текшерүү, жайылтуу процесси жүрдү. Илимий божомолубуздун тууралыгын айкындоо максатында педагогикалык-дидактикалык, адабий-методикалык сунуштарыбыздын жана бүтүмдөрүбүздүн алгылыктуулугун кайрадан электен өткөрдүк, кошумча адабияттар менен соңку жаңылыктар кошулуп, изилдөөнүн корутундулары жазылып, жалпы жыйынтык чыгарылды. Натыйжада, диссертациянын негизги тексти түзүлдү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** илимий иштин негизги материалдары жана анын өзөктүү жоболору 1995-2011-жылдардын арасында Республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда атайын баяндама катарында окулган. Диссертациянын негизги мазмуну 80ге жакын илимий эмгектерде: 1 монографияда, 14 илимий-методикалык колдонмодо, 37 илимий журналда жана 25 илимий жыйнакта чагылдырылган. Ошондой эле автордун 34 жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, негизги төрт главадан, корутундудан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

**Киришүүдө** изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдети жана илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, диссертацияда коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо тууралуу кыскача маалыматтар берилди.

**Биринчи глава** “Орто мектепте көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн методологиялык, педагогика-психологиялык жана методикалык негиздери” деп аталып, окутуп-талдоонун философиялык булактары, педагогикалык проблемалары, дидактикалык принциптери, адабият таануу илиминин ролу жалпылаштырылды.

**Экинчи глава** “Көркөм чыгарманы талдоого окуучулардын кабыл алуусун даярдоо” деген аталышта берилип, көркөм текстти өздөштүрүүнүн психологиялык-педагогикалык негиздери тууралуу кеңири сөз болду.

**Үчүнчү глава** “Орто мектепте көркөм чыгарманы талдоонун өзгөчөлүктөрү жана методдору” деп аталуу менен, көркөм чыгарманы тек, түр, жанрга карата анализдөөнүн ар кыл технологиялары айкындалды.

**Төртүнчү глава** “Орто мектепте көркөм чыгарманы анализдөөнүн жолдору жана ыкмалары” деп аталып, анда сюжеттин өнүгүшү, образдар системасы жана композициялык түзүлүшү боюнча талдоонун теориялык-

практикалык проблемалары аныкталды. Главанын акырында педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана натыйжалары тыянакталды.

**Корутундуларда** изилдөөнүн өзөктүү жыйынтыктары, практикалык сунуштары чыгарылды жана иликтөөгө алынган проблемалар боюнча жүргүзүлүүчү келечектүү иштердин багыттары көрсөтүлдү.

Диссертациянын тиркемесинде көркөм чыгарманы талдоодо инновациялык технологияларды колдонгон сабактардын айрым моделдери сунушталды.

## Изилдөөнүн негизги мазмуну

**Биринчи главада** көркөм чыгарманы талдоонун методологиялык, педагогикалык жана дидактикалык негиздери каралат. „Методология“ термини грек сөзүнөн алынган, **“**methodos” – таанып билүү, же изилдөөнүн жолу, теория, окуу, “logos” – сөз, түшүнүктөрдү билдирет. Ал – ишмердүүлүктүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдору жана каражаттары жөнүндөгү окуу; илимдин методологиясы, илимий таанымдын түзүлүү принциптери, формалары жана ыктары жөнүндөгү окуу.[1] Дагы тагыраак айтканда, ал: теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын, жолдорунун системасы (1); таанып–билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу (2); тигил, же бул илимге колдонуучу бардык методдордун жыйындысы (3). Методологиянын пайдаланылышына байланыштуу гносеологиялык (а), алдын ала биле, айтуу (б), кайра түзүү (в) жана уюштуруу (г) милдеттери бар.

Илимде методологиянын иерархиясы бар экендиги да таанылган. Илимдин структурасында төрт деңгээл бөлүнүп көрсөтүлөт: 1) философиялык; 2) жалпы илимий; 3) конкреттүү илимий; 4) технологиялык. Методологиянын бардык деңгээлдери белгилүү учурларда бири-бирине багынып турат жана татаал системаны уюштурат.

Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү аракетин ичине алган методология абстракттуу түшүнүктөрдөн эмес, үйрөнүү ишмердүүлүгүн ичине алган окуу жана аны ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык үйрөтүү, машыктыруу сыяктуу конкреттүү ишмердүүлүктөн турат. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү, аны ар бир окуучуга жеткире түшүндүрүү адабият мугалиминин эле эмес, окуучунун да философиялык ой жүгүртүүсүн, логикалык кабылдоосун, көркөм чыгарма сүрөттөп турган турмуш чындыгын өздөштүрүүдө таанып-билүү аракетин талап кылат. Окуу программасына сунушталган чыгармаларды талдоого карата методологиялык мамиледе философиялык деңгээл канчалык маанилүү экендигин өз ара салыштыруу, аларды катар коюп талдоо менен чечмелеп

---

[1] Советский энциклопедический словарь. – М.: Советская энциклопедия. 1988. – С.797.

берели. Мисалга, элдик жомоктор «Акыл Карачач», «Алтын куш», «Акылдуу дыйкан» өз доорунун көркөм элесин чагылдырууга келгенде, бирдей философиялык ой-пикир айтылып, жакын жыйынтыктар чыгарылса, Ч.Айтматовдун «Бугу эне» жомогу, бул, кадимки эле жомок эместиги, аны кайрадан иштеп чыгууда сүрөткердин чеберчилиги, фольклордук материалдын повесттин өзөгүндөгү орду, автордун сюжетке карата мамиле кылууда стилдик чеберчилиги, жазуучунун максаты ж.б. анализдөөнүн чордонун ээлейт.

Системалык курстун элементтерин ичине алган адабияттык окууда мугалим окуучуларга материалдын толук жеткиликтүү болушун камсыз кылууда окутуп жаткан сабактын мазмунуна, талдоону талап кылган көркөм булакка, сүрөттөө манерасына, жазуучунун чеберчилигине жана балдардын реалдуу турмуш көрүнүшүн кабылдаган философиялык дүйнө кабылдоосуна жараша ар бир чыгарманы автордук позициядан туруп анализдесе, максатына жетет. Мугалим Калыгулдун заман, турмуш, келечек жөнүндөгү ойлорун баяндаган «Калыгулдун сөзүндө», «Санат-насыят, терме ырларында», андан соң «Акыр заманда» берилген дүйнө таанымын, Токтогулдун «Жаштарга», «Гүлдөп ал», «Дүнүйө», «Карылык» ж.б. ырларында чагылдырылган жашоого карата көз караштарын катар коюп, бир ыкта түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бул эки акындын философиялык көз карашы, турмушту таанып-билүүсү эки бөлөк мазмунга ээ болгондуктан, алардын чыгармаларын окуучуларга жеткирүүдө сабактын өзөгүн түзүүчү эки башка методологиялык мамиле зарыл болот. Анткени Калыгулдун кыска сөз менен макалдардай орошон ой айтууга мүмкүнчүлүк берген масел кептери, акыр заман түшүнүктөрү, элди азаттыкка, ынтымакка, биримдикке, адамдарды жакшылыкка, ыймандуулукка чакырган чыгармаларында адеп-ахлактык, социалдык-этностук ойлор, акылмандык насааттар камтылган. Токтогул адамдардын жашоосун жеке тиричилик ыргагына, пендечилигине коюп, ошол бийиктиктен туруп баалайт. Натыйжада, акын адамдарды ушул өзү жашап жаткан тирүүлүктүн нарк-насилин түшүнүүгө чакырат. Арстанбектин «Тар заман» поэмасында элдин эртеңки жашоосунун табышмактары адамдардын пейлине, ниетине ж.б. түшүнүктөргө байланыштуу чечмеленип, адамзаттын жакшы жашоосунун башаты индивидуалдуу субъективизмге негизделген идеализм алкагында каралса (Т.Саманчин), Барпы бардык нерсени объективдүүлүккө, диалектикалык өсүп-өнүгүүсү бар материализмге алып барып такайт (К. Даутов). Тактап айтканда, акындын «Айт, айт, десе», «Күн», «Шамал», «Дүнүйө» ж.б. ырлары бир гана сүрөткердин гана жеке байкоолорун чагылдырбастан, кылымдап жыйнаган кыргыз элинин диалектикалык көз карашын да толугу менен ичине камтып турат.

Дүйнө таанымдын ар түрдүү болушу, доорлордун алмашылышына гана жараша боло бербейт, ал бир доордун ичиндеги проблемалар бир нече сүрөткерге да таандык болушу мүмкүн. Маселен, XX кылымдагы кыргыз жазма профессионал адабиятынын өкүлдөрү К.Тыныстанов менен А.Токомбаевдин чыгармачылыгын бир өңүттөн карап, окшош аныктама берип, өңдөш мазмунда түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Же болбосо, К.Баялиновдун «Көл боюнда» менен Ч.Айтматовдун «Гүлсараты» бир доордо, бирдей жанрда жазылса да, аталган эки повестке карата адабий талдоо эки башка нукта, эки башка жолдо, эки башка көркөм-философиялык жалпылоого ээ болот.

Адабият сабагында көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү бул материалды эле окуп-үйрөнүү эмес, ал белгиленген саатта сабакты уюштуруу, эстетикалык-теориялык билим берүү, учур талабына шайкеш келген тарбиялоо да болуп саналат. Демек, адабият сабагында чыгармага көркөм-эстетикалык талдоо жүргүзүү аркылуу материалдын мазмунундагы, же формасындагы өзгөчөлүктөрдү гана таанып-билүү, үйрөнүү менен чектелбестен, андагы поэтикалык дөөлөттүн нарк-насилине байланыштуу философиялык жагын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот: Турмуштук-адеп-ахлактык (1); социалдык-прагматикалык (2); позитивдүү-эстетикалык (3); саясий-эстетикалык (4); диний-мистикалык (5). Маселен, окуу программасына кирген чыгармаларга талдоо жүргүзгөндө, мугалим ислам түшүнүктөрү жөнүндө, анын адамдын аң-сезимине тийгизген таасири тууралуу, диндеги адеп-ахлак ж.б. маселелерге токтолуп, көркөм токулмалардагы ордун айтуу зарыл. Ал эми VII класста Т.Сыдыкбековдун «Акылман куудул», Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры», Т.Касымбековдун «Адам болгум келет», IX класста М.Элебаевдин «Кыйын кезең», Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары», А.Саспаевдин «Татым туз», «Сарала ит», Ө.Даникеевдин «Кыздын сыры», ж.б. чыгармалары жанрынын ар түрдүүлүгүнө карабастан, көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык проблемаларды жалпылаштырат.

Сабактын жүрүшүндө ой-пикирлерди окуучулардын талкуусуна коюу, проблемалуу, интерактивдүү окутуунун ыкмаларын рационалдуу колдонуу менен бирге, улуттук жана жалпы адамзаттык асыл нарктардын гармониясын да таба билүү маанилүү. Ойду конкреттештирүү үчүн Ч.Айтматовдун «Жамийла» жана «Ак кеме» повесттерине токтолуу жөндүү. Аталган эки повесть тууралуу адабий сында талаш-тартыш сээлдеп, адабият таануу илими алардын жаңычылдыгын толук таанып, далилдеп койгондой көрүнөт. Бирок жыл өтүп, муун жаңырып, XI класска жаңы окуучулар келген сайын Жамийланын жана Орозкулдун образдары талашка түшүп келет. Айрым окуучулар Жамийланы оң бааласа, кээ бирлери тескери мүнөздөшөт. Мындай ой-пикирге ээ болгондордун ар биринин өз чындыгы бар. Кылымдап түптөлүп, улуттук аң-сезимдин

чегинен караганда, Жамийланын турмушка карата көз карашын, өз тагдырына ылайык тандап алган позициясын тетири деп эсептөөгө толук негиз бар болсо, жалпы адамзаттык деңгээлден алганда, өз жазмышын өзү чечип, жеке бактысы үчүн күрөшкөн активдүү каарман катары суурулуп чыга келет.

Азыр окуучулардын арасында Орозкулдун образын реалдуу турмуш чындыгы менен салыштырып карап, аны адепсиз дегенге каршы чыккандар бар. Ырас, алардын да образды анализдөөдө өз акыйкаты кездешет, б.а., азыр коомдук аң-сезим мурдагы кеңеш мезгилине салыштырмалуу өзгөрдү, бир караганда реалдуу турмушта, ал сыяктуу «алганды да, бергенди да билген» адамдардын жашоосу жеңилдеди. Муну балдар көрүп турат. Реалдуу турмушта бардыгы – чындык. Орозкул сыяктуу адамдардын көз карашы, жашоо принциби да туура болушу мүмкүн, бирок көркөм чыгармада баары андай боло бербейт. Эстетикалык аспектиде байыртадан калыптанып келген канондук мамиле иштелип чыккан. Ал жеке өзүңдүн кызыкчылыгыңдан башкалардын - элдин, жалпы адамзаттын кызыкчылыгын жогору коюу идеясында турат, б.а., позитивдүү-эстетикалык методология менен шартталат.

Окуу программасынын негизин кыргыз элинин улуулугун, байыркылыгын, баатырдыгын, даанышмандыгын ж.б. касиеттерин чагылдырган чыгармалар түзөт. Кыргыз элинин каармандык салттарын, патриоттуулугун, саясий эркиндигин даңазалаган «Манас» баштаган эпосторду мисалга келтирүүгө болот. Ошондой эле А.Чоробаевдин «Тайлак баатыр», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Т.Касымбековдун «Кел – кел» романынан алынган «Даргага асуу» үзүндүсү, А.Токтомушевдин «Какшаалдан кат», М.Элебаевдин «Улуу марш», Ж.Бөкөнбаевдин «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», Т.Үмөталиевдин «Кубат» ж.б. чыгармаларына талдоо жүргүзгөндө, кыргыз элинин улуттук эркиндигине түздөн-түз тиешеси бар көйгөйлүү маселелер тууралуу сөз болот. Диссертацияда ушуга окшогон социалдык-прагматикалык маселелер да каралды.

Адабий чыгармаларды талдоодо жалпы илимий принцип оптималдуу жетекчиликке алынат. Илимге мүнөздүү болгон методологиядагы системдүү мамиле тандалат. Мындай учурда көркөм чыгарманы талдоонун предметтик, функционалдык жана тарыхый аспектилерин бир беткей жана өз ара айкалыштыра кароо талап кылынат. Системдүү мамиле ар бир чыгарманы жеке талдоодон тартып, бир класста, андан ары алсак, окуучу орто мектепти бүтүп кеткенге чейинки окуу процессин бир ыраатка салып караганга толук негиз берет. Системдүү мамиле көркөм чыгарманы түшүнүү, анын ички касиеттерин өздөштүрүү, окуучуда адабий билимди калыптандыруу гана максатын көздөбөстөн, ал теорияны практикада текшерип көрүүгө, ар бир өтүлгөн сабак аркылуу окуучуда

калыптанып келе жаткан билимди туура интерпретациялоодо да орчундуу кызмат аткарат. Бекеринен, X-XI класстарда кыргыз адабиятынын системалык курсу үйрөтүлбөйт. Окутууда ал таанып-билүү, тарыхый-эстетикалык, көркөм-маданий, рационалдуу этаптардан турат. Мектепте көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү мындан башка да конкреттүү методологиялык концепциялар аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгарманы окутуу педагогикалык иш-аракеттин бир бутагы болгондуктан, анда педагогиканын спецификалык бөтөнчө касиетине таандык иликтөө ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу өз алдынча бир нече категориялар бар. Ал белгилүү бир илимий көз караштар менен жалпылаштырылып келет да, азыркы мезгилде бир бүтүндүк (целлостный), инсандык (личностной), ишмердүүлүк (деятельность), ар тараптуу субьективдүүлүк, же жарым субьективдүүлүк, маданий-таануучулук, этнопедагогикалык, антропологиялык концепцияларда мамиле кылууну шарттайт.


Изилдөөдө адабият таануу мектепте көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн илимий негизи катарында каралды. Адабият теориясы жөнүндө түшүнүктү көркөм чыгарманы талдоонун жүрүшүндө эволюциялык жол менен системалуу калыптандыруу, мазмун жана форманы бирдиктүү үйрөтүү, окуучунун сөз байлыгын өстүрүү ж.б. жумуштарга байланыштуу окутуу зарыл. Главада мектептерде көркөм чыгарманы талдоо процессинде берилүүчү билимдин мазмуну жана формалары, максаты жана мазмуну, принциптери жана мыйзам–ченемдүүлүктөрү, методдору жана каражаттары сунушталды.

Ошондой эле көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүдө дидактикалык принциптерди адекваттуу колдонуу негизделди. Алар: илимий; акыл-эстүүлүк жана активдүүлүк; системалуулук жана ырааттуулук; бышыктык; жеткиликтүүлүк; теориянын практика менен байланышы; улантуучулук; гумандуулук; көрсөтмөлүүлүк ж.б.

Адабиятты окутуунун методикасы илиминде көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн проблемалары арбын. Атай кетсек, көркөм адабиятта баяндоонун ыкмалары (схема:1.3.1.), сөз өнөрү катары кабылдоо, анын поэтикалык лексикасын (схема 1.3.2.), стилистикасын түшүнүү адабият таануу менен окутуу методикасын оптималдуу интеграциялоо, талдоонун салттуу жана проблемалуу, интерактивдүү, сынчыл ойлом, ж.б. жаңычыл мүмкүндүктөрүн айкалыштыруу, мугалим менен окуучунун көркөм чыгарманы талдоодогу иш-аракеттеринин жаңы технологияларын калыптандыруу ж.б. маселелер. Ошого жараша көркөм чыгарманы анализдөөдө мугалим менен окуучулардын мамилелериндеги төмөнкүдөй ишмердүүлүктөрдү атоого болот: изилдөөчүлүк, кайра түзүүчүлүк, уюштуруучулук жана пикир алышуучулук. Главада бул маселелер теориялык жана методикалык негиздөөлөрдүн жана талдоолордун предмети болду.

**Экинчи главада** көркөм чыгармаларды окуучулардын кабыл алуусунун психологиялык-педагогикалык жагдайлары иликтенет.Адатта кабыл алуу – бир нече анализаторлордун бири-бирине тийгизген таасирлеринин натыйжасы. Тигил, же бул тепкичтердин кыймылы кабыл алуунун бардык түрлөрүндө кездешет. Мисал катарында сезим аркылуу кабыл алууну айтсак болот, анда тактилдүү жана кинестикалык анализаторлор катышат.

Схема 1.3.1.





Угуу менен көрүү аркылуу кабыл алууда кыймылдуу анализаторлор катышат. Ар түрдүү кабыл алуулар жеке түрүндө чанда гана жолугат. Алар көбүнчө аралаш түрүндө кездешет, натыйжада кабыл алуунун татаал түрлөрү пайда болот. Сабак учурунда текстти кабыл алууда окуучу көрүп, угуп, кабыл алуусун жана кинестикалык кабыл алуусун калыптандырат. Кабыл алуунун негизин убакыт жана кыймыл түзөт. Буга ылайык аларды мейкиндикти кабыл алуу, убакытты кабыл алуу жана кыймылды кабыл алуу деп бөлүүгө болот.

Биз кабыл алуунун психологиялык жана педагогикалык аспектилерин айкалыштырып кароого аракет кылдык. Кабыл алуу аркылуу педагогикалык планда көркөм чыгарманы аңдаштыруунун биринчи талабы – көркөм-изилдөөчүлүк болуп саналат. Мында окуучулардын максатсыз кабыл алуусун максаттуу иш- аракеттеги кабыл алууга буруу туура. Натыйжада, окуучуда акырындык менен изденүүчүлүк, изилдөөчүлүк аракетти пайда кылып, өнүктүрүү маанилүү. Ал өзү менен органикалык катышта турган көркөм конструктивдүү кабыл

алуунун аракетке келишин шарттайт. Окуучулардын кабыл алуусундагы мунун толук аракетке келиши үчүн мугалимдин конструктивдүү ойлоосунун мааниси чоң.

Ой жүгүртүү – бул өзүнүн түзүлүшү жана түрлөрү бар өзгөчө ишмердүүлүк (схема 2.1.3) экендиги төмөнкү схемада чагылдырылды.


Схема 1.3.2




Тактап айтканда, бир эле көркөм чыгарма адабият мугалимдеринин ар биринде ар башкача кабылданат. Алардын көркөм чыгарманы үйрөтүү чеберчилигинин негизги өзөгүн көркөм-конструктивдүү бере билүү түзөт. Окуучулардын кабыл алуусунда дал ушул касиет жетекчиликке алынгандыктан, бир сабак окуучуга жеткиликтүү, оңой болсо, экинчисине – оор. Чынында, көркөм чыгарманы талдоого алууда мына ушул жагдайда мугалим менен окуучунун иш–аракеттерин байланыштыруучу көркөм-конструктивдүү кабыл алуу жетишсиз болуп жаткандыгын байкашпайт. Демек, көркөм чыгарманы анализдөөдө окуучулардын көркөм-конструктивдүү кабыл алуусун өнүктүрүү зарыл. Мугалим ар бир сабакта калыптандыруу үчүн өзүнүн адабий–окутуучулук эмгегин конструкциялоо аркылуу анын негизги критерийлерин сактоого да милдеттүү.

Ар бир сабакта анын түзүлүшүн аныктай турган критерийлерди биз төмөнкүдөй бөлүштүрдүк: 1) Окуу материалдарын тандоо жана окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктап түзүп чыгуу. Бул конструктивдүү - мазмундук компонентти уюштурат; 2) сабактагы окуучу менен мугалимдин аракетинин структурасын пландаштыруу. Бул критерийдин иш–аракети конструктивдүү-оперативдүү компонентти камсыз кылат; 3) окутуу үчүн материалдык базасын долбоорлоо. Бул критерий сабактын уюштурулушунда жана жүрүшүндө конструктивдүү материалдык компонентти иштеп чыгат да, окуучунун кабыл алуусуна өбөлгө түзө алган технологиялык базаны, ар кандай каражаттарды, көрсөтмө куралдарды ж.б. колдонууга шарт түзөт. Акырындык менен булар эмоционалдуу таасир берүүнү пайда кылуу аркылуу класста биргелешкен эстетикалык толгонууларды түзүү аракетин уюштурары бул главада кеңири далилденген.

Схема 2.1.3




**Үчүнчү главада** көркөм чыгарманы тек, түр, жанрга карата талдоонун өзгөчөлүктөрү жана методдору жалпылаштырылат. Дидактика илиминде окутуунун методдору төмөнкүдөй бөлүштүрүү аркылуу колдонулуп жүрөт: Биринчи – окуучулардын активдүүлүк деңгээлине карата (Е.Я. Голант), экинчи – билим алуунун булактарына жараша (Н.М. Верзилин, Е.И. Перовский, Д.О. Лордкипанидзе), үчүнчү – дидактикалык

максаттары боюнча (М.А. Данилов, Б.П. Есипов), төртүнчү – окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө байланыштуу (И.Я. Лернер, М.Н. Скаткин).

Н.И.Кудряшев адабиятты окутуунун методдорун төмөнкүдөй бөлүштүрөт: көркөм окуу, эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү. Бул бөлүштүрүү теориялык-практикалык жактан жигердүү колдонулуп, фундаменталдуу мүнөзгө ээ болуп калды. Биз окумуштуунун адабиятты окутуу методдоруна байланыштуу концепцияларын толук жетекчиликке алабыз. Иште V–XI класстардын окуу программаларындагы көркөм чыгармалардын тегине, түрүнө, жанрына жараша методдорду оптималдуу жана адекваттуу пайдалануунун мүмкүндүктөрү көрсөтүлдү. Алардын универсалдуу табияты мүнөздөлдү.

Сабакта көп учурда бир нече методдор бирге колдонулат. Мисалы, көлөмү чакан чыгармаларды (өзгөчө ырларды) талдоодо мугалим, сөзсүз, окуучуларга ырды жазган акын тууралуу кыскача маалымат берет, же ырдын жазылуу тарыхын, же бул ыр замандаштарына кандай таасирлерди калтыргандыгы жөнүндө кабар айтат (репродуктивдүү метод); ыр үн чыгарылып окулгандыктан, негизги көңүл эмоциялуу кабыл алууга бурулат (көркөм окуу методу); окуучулар мугалимдин суроолоруна жооп беришет, ошондой эле акырындык менен текстке анализ жүргүзүшөт (эвристикалык метод); сабактын акырында ыр кайрадан окулат, ал эми ырды кабыл алуу, ага талдоо жүргүзүлгөндөн кийин, ал өзгөчө терең эмоционалдык активдүүлүк жана толкундануу менен кабыл алынат (көркөм окуу методу) ж.б. Талдоодо интерактивдүү ыкмалар, усулдар жана каражаттар (сынчыл ойлом, ой калчоо, эркин жазуу, ролдук оюн жана иммитация, дискуссия, кластер түзүү, Блумдун ромашка гүлү, Венндин диаграммасы, эки бөлүктүү күндөлүк, INСЕРТ, концептуалдык карта, кубиктер текстин түзүү, аналитикалык жалпылоо ж.б.) активдүү колдонулуп, анын жүзөгө ашырылышында методдор, ыкмалар оптималдуу айкалыштырылды.

Башка окуу процессиндей эле адабият сабагында көркөм чыгармаларды талдоо мугалимден өз алдынча ар тараптуу изденүүнү, чеберчиликти, дегинкиси, сабактын жүрүшүнүн так-таасын уюштурулушун талап кылат. Алар:

- окуу программасы койгон талаптарга, б.а., бөлүнгөн саатына, теманын милдеттерине, талдоого алынып жаткан чыгарманын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, таанып-билүүчүлүк нарк-насилине, тарбиялоо касиетине жана окуучулардын анализдөө билимдерине, билгичтиктерине, көндүмдөрүнө карата аныктоо жана чечүү;

- чыгарманын мазмунунун окуу китебиндеги чагылдырылышы, б.а., окуучулардан талап кылынган адабий-дидактикалык материалдын чечилиши, анда негизги илимий жана тарбиялоо идеяларынын айкын

баяндалышы, окуучулардын кабылдап өздөштүрүүсүнө ылайык жүзөгө ашышы;

- коюлган максатка карата теманын ачылышынын логикалык жактан негизделиши, б.а., көркөм чыгарманы талдоо менен адабий билимдердин өздөштүрүлүшүнүн мыйзам–ченемдүүлүгү, мурдагы билимди өркүндөтүүнүн ырааттуулугу, теориялык түшүнүктөрдү кабылдоого карата системалуулугу, көркөм аңдаштыруунун турмуш менен байланыштуулугу, теория менен практиканын өз ара карым-катышынын ачылышы, окуучулардын үйрөнүүсүндөгү илимийлүүлүк жана анын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле сабактын жүрүш ыкмаларынын алдын ала структуралык талдоодон өтүшү, анын натыйжасында чыгарманы анализдөө методдорунун мугалим тарабынан иргелиши, коюлган проблемага карата дарстын түрүнүн тандалып алынышы жана чыгарманын кайсы бөлүктөрү окуучулар тарабынан өз алдынча өздөштүрүүгө сунушталышы;

- ар бир сабактын темасын, ага ылайык көтөргөн жүгүн айкындоо, ар бир дарста көркөм чыгарманы талдоого карата маанилүү проблемаларды чечүү жана алардын негизги милдеттерин үйрөнүү чеберчилигине жараша бөлүп көрсөтүү;

- сабактын жүрүшүндө чыгарманын мазмуну менен формасын бирдиктүү талдоо аркылуу берилген окуу-тарбия иштерин чечүү мүмкүнчүлүгүнө карап, окутуу каражаттары менен усулдардын ийкемдүүлөрүн, натыйжалууларын тандоо;

- сабакта окуучулардын окуу иштерин уюштуруунун класстык, топтук, же жеке түрлөрүн аныктоо;

- сабактын жүрүшүндө чыгарманы талдоонун оптималдуу вариантын табуу;

- сабакты жыйынтыктоодо жана тапшырма берүүдө өз алдынча үйдөн талдоо жүргүзүүнүн ыңгайлуу ыкмаларын табуу, чыгарманы жеке талдап, окуунун ийкемдүү усулдарын колдонуу.

Көркөм чыгарманы талдоодо колдонулган методдор мугалимдин жогоркудай аракети менен чектелбейт. Ошондой эле окуучулардын аракетин ичине алган объективдүү жагдайлар да эмгекте эске алынды.

Адабият теориясына негизделмейин, ал кандай көркөм чыгарма болбосун, өз баасын толук ала албайт. Ошондуктан мугалим көркөм чыгарманы талдоодо адабият тарыхы, адабият теориясы, адабий сыны боюнча билимин өркүндөтүү менен чектелбестен, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жөнөкөйдөн татаалды карай билимин арттырып, билгичтигин, көндүмүн калыптандырып жүрүп отурушу зарыл.

Мектеп окуучулары лирикалык жанрдагы чыгармалар менен башталгыч класстардан таанышышат. Бул мезгилде көркөм чыгармаларды окуу максаты башка болгондуктан, анда лириканын жанрдык табиятына

анча маани берилбейт. Ал эми лирикалык чыгармалардын жанрдык жаратылышына токтолуп, бул багытта кабар берүү иши өзүнчө предмет катары бөлүнүп чыккандан соң башталат. Кыргыз адабиятынын программасында, тагыраак айтканда, V класс үчүн пландаштырылган А.Осмоновдун «Неге кечигет», «Бүкөн», «Кыргыз тоолору», С. Жусуевдин «Алакан», А.Токомбаевдин «Ай нурунда – кышкы түн», «Жайкы таңда», М.Алыбаевдин «Ала-Тоо», «Соң-Көл», «Тянь-Шань», Барпынын «Жакшы кыз», «Өзү – каар, тили – заар кыз», «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», Токтогулдун «Үлгү ырлары», Ы.Борончиевдин «Элиңдин кетпейт, оюнан», «Кош, Алыкул», Б.Сарногоевдин «Бешигим-Мекен» ырларын талдоо аркылуу лирикалык жанрга таандык көп маселелерди чечүүгө болот. Мисалга, бул ырлардын кыскалыгы, тактыгы менен мугалим лирикалык жанрга тиешелүү болгон эпикалык жана драмалык тектен айырмалуу адабияттын үчүнчү теги экендиги, мында турмуш лирикалык каармандын ички сезимдери (кубанычы, өкүнүчү, арзуусу, толкундануусу, түйшөлүүсү ж.б.) аркылуу берилерин, ушул сезимдерден анын дүйнөгө көз-карашы, турмуш жөнүндө ой толгоосу, мамилеси билдирилерин дефиниция катары айтып, факты – материал катарында далилдеп бергени маанилүү орунда турат.

Лирикалык чыгармаларды талдоодо ал жанрга мүнөздүү форма окуучулар үчүн кыйынчылык түзбөй койбойт. Анткени алардагы теориялык билим менен аныкталуучу лирикалык каарман «мен», уйкаштыктын түрлөрү, ыргак, рифма-ритм, лириканы туюнтуу каражаттары (схема 3.3.4), окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эсепке алуу аркылуу жөнөкөйдөн татаалды көздөй өркүндөп отурушу эп. Мында көркөм окуу жана эвристика методу активдүү колдонулат. Окуучулардын лирикалык жанрдын табиятын өздөштүрүүсү бүтүрүүчү класска чейин созулушу зарыл. Лирикалык жанрдагы чыгарманы талдоодогу негизги өзгөчөлүк – бир нече жылды ичине алган окутуу процессине байланыштуулугунда.

Тагыраак айтканда, ал мугалимдин педагогдук чеберчилиги менен окуучулардын психологиялык, коомдук-социалдык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу аркылуу мазмуну, формасы шарттуу түрдө бөлүштүрүлүп, этаптуу жана логикалуу уюштурулгандыгында.

Ар бир сабактын жүрүшү аркылуу лирика боюнча теориялык түшүнүктөр бекемделип, бир айтылган ой экинчисинде уланып, кандайдыр бир багыт боюнча тереңдеп, ошол эле мезгилде байып отурат.

Схема 3.3.4




Эпикалык чыгармаларда (аңгеме, повесть, роман ж.б.) окуянын түзүлүшү ар кыл болушу мүмкүн. Кээ бир эпикалык чыгармалардын окуясы каармандардын турмушундагы ички конфликттерге негизделип, жан дүйнөдөгү «бычак мизинде» турган ал-абалдан баштап, көркөм образдын алкагында чечилүүчү көптөгөн маселелерди ичине камтыган ой-жүгүртүүсүн, санаркоосун туюндурган окуяларга басым коёт. Эпикалык чыгармалардын экинчи бир түрүндө каармандын айлана-чөйрө менен болгон мамилеси, анын тагдырына тышкы чөйрөнүн таасири негизги орунга көтөрүлөт да, окуянын жүрүшү жыш жайгашып, конфликттердин тышкы динамикасы башкы орунга көтөрүлөт. Эпикалык чыгармалардын мындай эки түрүндө тең сюжеттин өнүгүшү даана көрүнөт. Прозалык чыгармада сюжеттин өнүгүшү талданганда, мугалим адабий-методикалык булактарга таянат. Тактап айтканда, мугалим эпикалык чыгармалардагы сюжетти үйрөтүүдө ар бир класстагы окуучулардын курактык өзгөчөлүгүн гана эсепке албастан, чыгармадагы

кайсы окуяларга тандап, иргеп мамиле кылып, ал эми кайсы көрүнүштөргө толук токтолуп, кайсы түйүндүү эпизоддорду тереңирээк обзордук негизде түшүндүрүү керек экендигине көңүл бурат (К.Жантөшевдин «Чолпонбай», Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» ж.б. талданды).

V–XI класстарда текстти талдоо жумушуна тиешелүү негизги маселелер булар: чыгармадагы сюжеттин өнүгүшү; катышуучу каармандардын образдары жана алардын мүнөздөмөсү; чыгарманын композициясын түшүндүрүү; табийгаттын жана буюмдардын сүрөттөлүшүнүн маанисин ачуу; чыгарманын тилин үйрөнүү; чыгарманын идеялык-тематикалык жагын аныктоо; чыгарманын жанры менен тааныштыруу; чыгарманын коомдук мааниси ж.б.

Эпикалык чыгармаларда окуя аркылуу тема жана идея байланыштырылып, "эки өзөк" жетекчиликке алынат. Бул эпикалык чыгармалардын башка жанрлардан айырмачылыгын жеткиликтүү жана тезирээк үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эпикалык чыгармаларга карата адабий талдоо ар бир чыгарманын сюжеттик, же композициялык, ошондой эле тематикалык, же идеялык өзгөчөлүгүн табуу менен чектелбейт. Ал формалык да, мазмундук да бөтөнчөлүгүн ачып берүүгө тийиш. Формалык жана мазмундук касиети эпикалык ар бир чыгарманын жанрдык табиятын аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошондуктан эпикалык чыгармалардын өзгөчөлүгүн үйрөтүүгө багытталган адабий талдоону эки баскычка бөлүштүрүү маанилүү. Маселен, V–VII класстарда эпикалык чыгармалар тууралуу маалыматтар гана берилбестен, негизинен, чыгарманын мазмунун, ошол мазмун аркылуу көркөм-эстетикалык табиятын, жазуучу берүүгө аракеттенген философиялык дүйнөтаанымды, көркөм наркын өздөштүрүүгө басым коюу зарыл. Ар бир окуучу дал ушул мезгилде көркөм өнөрдүн уникалдуу өзгөчөлүгүн түшүнүп, ага таасирленбесе, чыгарманын маани-мазмунун жеткиликтүү түшүнө бербейт. Ошол себептен төмөнкү класстарда эң башкы таяныч мазмундук категорияларга коюлуп, мугалимдин талдоосунда чыгарманын ички кудуретин ачуу, чыгарма көтөргөн идеяны чечмелеп, көркөм туундунун адабий-эстетикалык, адеп-ахлактык жана чыныгы философиялык жүзүн таап көрсөтүү жетектөөчү орунга көтөрүлүүгө тийиш.

Окутуу процессинде мугалим көңүл бура турган адабий талдоонун экинчи баскычы VIII–XI класстарга туура келет. Бул, сөзсүз, ушундай болушу керек деген талап эмес, болгону – биз тарабынан жүргүзүлгөн көп жылдык иш тажрыйбадан келип чыккан иштикчил аракет, же адабий-методикалык эксперименттердин жыйынтыгы. Тактап айтканда, окуучулар дал ушул курактарда дүйнөнү өздөштүрүү багытына өтүп, ар бир деталына өзүнүн баасын берип, керек жерде аны ашыкча көбүртүп-

жабыртып, романтикалык, фантастикалык кыялдарга азгырылып, бирок ошол эле мезгилде турмуштагы, реалдуу көрүнүштөгү ордун белгилеп калууга изденген учур болуп саналат. Адабий талдоо үчүн мугалим мына ушул баланын көөдөнүндө кайнап жаткан ички энергияны пайдалануусу зарыл. Окуучунун дүйнө таанууга карата умтулган ички кызыкчылыгын турмуш менен түздөн-түз байланыштырып келип, окуучулар көрө элек турмуш сырларын эпикалык чыгармалардын мисалында түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, өспүрүмдөрдүн жандүйнөсүнө эргүү жана шык берүү керек.

Драма жанры курч талаш-тартыштуу, анын негизин сценалык оюн коюунун алкагына сыйдырылган мүнөздөрдүн кагылыштары жана адамзаттын "түбөлүктүү" маселелерин чечүүдөгү дүйнөтаанымдары түзөт. Анда баяндоо кеби болбойт, конфликтилер курч келет жана сахнага коюуга арналат. Ошондуктан драмалык чыгармаларды окутууда мугалим көргөзмөлүүлүккө таянышы максатка ылайык. Мисалы, драмалык жана эпикалык чыгармаларды кабыл алууну төмөндөгүдөй схемалардагы ырааттуулукта көрсөтүүгө болот: (схемалар 3.5.5., 3.5.6)

Окуу программасында драмалык чыгармаларды үйрөтүү VII класста Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасынан башталат. Дал ушул драма аркылуу жанрдын «терезесинин ачылышы» – окуу программасындагы ийгиликтүү көрүнүш. Биринчиден, азыр бала бакчадан тартып, аталган класска чейин окуучулар "Манас" эпосунун негизги сюжети менен кандайдыр бир даражада тааныш болуп калат. Ал эми "Манастын уулу Семетей" драмасындагы окуяларды эпостун негизги сюжетинин бир үзүмү катары кабыл алышат, бул болсо драманын түйүндүү окуяларын тез жана терең үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Сюжетин өздөштүрүү жеңил болгондон кийин, мугалим да, окуучу да негизги басымды жанрдын ички табиятын үйрөнүүгө коёт.

Схема 3.5.5






Схема 3.5.6



Экинчиден, азыркы учур маалыматтуулуктун мезгили экендигин эсепке алсак, анда өз айылынан чыкпаган окуучу да телекөрсөтүүдөн драмалык чыгармаларды көргөн болот, б.а., бул мезгилге чейин көпчүлүк окуучулардын сахна, анда коюлган чыгарма боюнча жеткиликтүү элестөөсү болот. Ошол себептен азыркы мугалимдер окуучуларга драмалык чыгармалардын спецификалык касиеттерин үйрөтүүдө «нөлдөн» баштабастан, тескерисинче, анын адабияттын жана искусствонун башка жанрларынан айырмасы кайсында экендигин «далилдөө» аракети менен баштаганы туура. Драмалык чыгарманын мазмуну менен формасы диалектикалык бир бүтүндүккө ээ болгондой эле, аны мектепте окутуу, талдоо процесси да комплекстүү жана системалуу болуусун талап кылат. Мында драманын жанрдык компоненттерининин бардыгын бирдиктүү кароо жолу менен үйрөтүү башкы планга чыгат. Сабакта талдоо жүргүзгөн учурда драманын идеялык- тематикалык маани-касиети менен бирге, образ-кейипкерлер системасы, аны башка жанрлардан айырмалап турган тили, диалог, монолог, реплика өңдүү өзүнө гана мүнөздүү каражаттар боюнча түшүнүк бербей коюуга, ар биринин аныктамасын айтып, маанисин ачпай өтүүгө мүмкүн эмес. Ошондой эле ал драманын көркөм тексти менен толук таанышкандан кийин, окуучулардын ал чыгарманы өздөштүрүүсүн текшерүү, ар кимисинин жеке позициясын айкындоо ыңгайлуу. Маселен, Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетейин» адабий талдоого алууда, окуучулар үчүн түшүнүктүү жана ойлоно тургандай: Драмадагы Ысмайылдын кылган ишине сенин мамилең? Сенин оюңча, Сарытаз Семетейдин асыранды бала экендигин айтып туура иш кылдыбы? Семетей эмне себептен Сарытаздын айтканына ишенди да, Кишимжандын кебине ынанбады? ж.б. суроолорду берип, окуучуларды даяр түшүнүктөрдү карай жетелебестен, тескерисинче, ар бир окуучу чындыкка өз жолу аркылуу бара тургандай автордун каармандардын аракетине «жашырган», драмадагы окуялардын өнүгүшүнө «чөгөргөн» рухий-эстетикалык баалоо-туюмдарындагы касиет-көрөңгөлөргө окуучу макул боло турган  жана натура көрө турган деталдарга кылдат анализ берүү жөндүү. Бул, биринчиден, окуучуларды драмалык чыгарманы өздөштүрүүдө ар бир деталга чейин тереңден көңүл буруучу үйрөтсө, экинчиден, окуучуну эч кимди туурабай, өз пикирин түз айтууга далалаттандырат. Кеп жооптун канчалык туура, же туура эмес экендигинде болбостон, ар бир окуучунун драманын, андагы окуялардын жана образ-кейипкерлердин тегерегинде кандай ойлонуп, кантип аракеттенип жатканында турат. Мында окуучунун аракетине жараша мугалимдин интерактивдүү ишмердүүлүгү, б.а., анын дидактикалык-педагогикалык аппараттар менен иш алып баруусу, ар бир окуучу менен синхрондуу иштеше алуусу башкы орунда турат.

Драманы терең өздөштүрүү үчүн сабакта бир нече ыкмаларды колдонуу зарыл. Ал: драмалык текстти көркөм окуу; ролдорго бөлүштүрүп окутуу; оозеки кайра айтып берүү; жатка айттыруу; образ-кейипкерлерге адабий-психологиялык аспектиде анализ жасоо; образдарды өз ара салыштырып баалоо; оң жана терс касиеттерин аныктоо; проблемалуу суроолор, интерактивдүү аныктамалар; түшүнүксүз сөздөргө комментарий берүү; пъеса боюнча сценарий түздүрүү; андан ары тереңдетсек, пъесанын тексти менен спектаклди, каарман менен актёрдун аткаруу жөндөмдүүлүгүн салыштыруу; спектакль боюнча рецензия, дилбаян, эссе жаздыруу ж.б. Диссертацияда драманы толук талдоонун теориялык-практикалык үлгүлөрү “Манастын уулу Семетей”, “Жаңыл Мырза” чыгармаларынын негизинде жалпылаштырылды.

**Төртүнчү главада** көркөм чыгарманы анализдөөнүн жолдору жана ыкмалары иликтенет. Окутуунун кандай жолдору тандалып алынбасын, ошол эле учурда бири-бирине байланыштуу тепкичте окутулат: биринчиси – чыгарманы кабыл алуу, экинчиси – чыгарманы өздөштүрүү, үчүнчүсү – каралып жаткан чыгарманын чегинен чыгуу, турмуштагы мисалдар менен искусство жана адабият фактыларынын байланышы, кеңири адабий-эстетикалык, эпикалык, коомдук-философиялык жалпылоолор. Бул үч баскыч бири-бири менен өтө тыгыз байланышта экени талашсыз, алардын ар биринде окуучунун, мугалимдин ой жүгүртүүсү, акылы жана сезимдери активдүү болушу зарыл. Бирок кийинки баскыч мурунку баскычтан терең, кеңири болушу максатка ылайыктуу.

Көркөм чыгарманы окуялардын өнүгүшү боюнча талдоо натыйжалуу экенин XIX кылымдын методисттери В.И.Водовозов менен В.Я. Стоюнин баса белгилешкен. Ал эми советтик методиканын калыптануу мезгилинде М.А.Рыбникова буга чоң көңүл бурган. Т.Г.Браженин, М.Д.Кочеринанын, М.Н. Шнеерсондун, М.Д.Сосницкаянын эмгектеринде бул жол өзгөчө популярдуулукка ээ болгон. Көркөм чыгарманы сюжеттин өнүгүшү боюнча талдоонун маңызы төмөндөгүдөй түшүндүрүлөт:

1.Окуялардын өнүгүшү боюнча талдоо окуучулардын эмоционалдуу-образдуу элестөөсүнө шарт түзөт; 2. Окуучулардын көңүлүн негизги эпизоддорго, автордук ремаркаларга, түшүндүрүүлөргө буруу менен ар бир эпизод автордун негизги берейин деген оюн окуучуларга түшүндүрүүгө, чыгарманын идеясын үйрөнүүгө жардам берет; 3. Көркөм чыгарманы окуялардын өнүгүшү боюнча талдоодо окуучулар эпизоддор, конфликтилер жана автордук комментарий аркылуу каармандардын мүнөздөрүн ача алышат; 4. Окуучулар бул жол аркылуу чыгарманын мазмуну менен формасын бирдикте талдоону иш жүзүнө ашырышат; ж.б.

Көркөм чыгарманы окуялардын өнүгүшү боюнча талдоо ар кандай ыкмада ишке ашат. Бул процесс дайыма мугалимдин каалоосуна, же жеке кызыкчылыгына байланышпастан, биринчи кезекте, адабий билим берүүдөгү объективдүү жагдайлардан улам жаралат. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын бардык педагогикалык процессине батыл аралашкан, «ачык демократиялык коомдун эң маанилүү атрибуту-сынчыл ойлом» көркөм чыгарманы окуялар боюнча талдоого тикелей катышы бар экендигин эске алууга тийишпиз.


«Сынчыл ойлом» башка предметтерге караганда адабий чыгармаларды үйрөтүүгө жакын турат. А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесин талдоонун адабий-технологиялык негиздери диссертацияда жалпылаштырылды. Мындагы фабула окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет жана окуялар боюнча талдоодо кызыктуу болуп саналат. Сынчыл ойломдун дагы бир өзгөчөлүгү, аңгеме окуучулар менен биримдикте класста окулат жана талданат. Окуучулар өздөрү түзгөн «аңгеме» менен А.Токомбаевдин аңгемесин салыштырып чыгышат. Мында ар бир окуучунун окуяны кабылдоо чеберчилиги, сюжет түзүүгө карата мамилеси, образ түзүү аракети мугалим тарабынан анализден өтөт. Бул жерде окуучулардын ой-жорумун, чыгармага карата кабылдоолорун текшергенде, мугалим, биринчи кезекте, көркөм материалды окуялар боюнча талдоодо башкы критерийи болгон сюжеттин элементтерин алдыңкы планга коёт, б.а., мугалим аңгемедеги окуяны талдоодо, көркөм чыгарманын сюжетин түзүү үчүн колдонулган окуялардын бирдиктерине, сюжеттин элементтерине ылайык, экспозиция, окуянын өнүгүшү, түйүндөлүшү, кульминация жана чечилишине жараша тыныгууларды уюштурса болот. Бирок мындай бөлүштүрүүдө, сөзсүз, окуучулардын кабылдоо мүмкүнчүлүгүн эсепке алуу керек. Тактап айтканда, аңгемедеги окуялардын өнүгүшү менен катар окуучулардын сюжеттин элементтерин үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүшү маанилүү. Эгерде класстагы окуучулардын билим деңгээли ага жетпей турган болсо, анда окуяларды толук өздөштүрүп бүткөндөн кийин, сюжеттин элементтерине өзү токтолуп, түшүндүрүп бергени туура. Бардык эле сабакта мугалим окуялар боюнча адабий талдоону ушул багытта жүргүзө бергени туура болбойт, башка теориялык маселелер сыяктуу эле сюжет боюнча талдоо улам кийинки чыгармаларда тереңдеп туруууга тийиш. Ошондуктан бир чыгармада болбосо, программада сунушталган кийинки материалда окуялар боюнча талдоо, сөзсүз, сюжеттин элементтери менен байланыштырылышы керек. Мындай талдоо бир гана прозалык чыгармаларга мүнөздүү эмес. Аны ыр менен жазылган чыгармалардан да бөлүп көрсөтүү талапка ылайык. Ошондуктан программада сунушталган поэмаларды, эпостун үзүндүлөрүн окутканда, ал тургай сюжеттүү ырларды талдаганда, алардын элементтерин бөлүп түшүндүрүү зарыл.

Чыгармачыл мугалим аны бир нече ыкмада ачып бере турганы белгилүү. Анткени көркөм чыгарма табышмактуу болгондой эле, окутуунун усулдары да көп варианттуу.

Көркөм текстти талдоо ишиндеги эң негизги маселе образдарды жана алардын мүнөзүн ачуу аркылуу чыгарманын идеялык мазмунун түшүндүрүү болуп саналат. Кандай гана адабий чыгарманы талдоодо болбосун, образдар системасын жана каармандардын мүнөзүн текшерүү негизги орунда турат. Бул образ-мүнөздө форма менен мазмундун бирдиги ачык көрүнөт. Образ-мүнөздү талдоо аркылуу жазуучунун ошол образды түзүү үчүн колдонгон каражаттары, башкача айтканда, тилин, композициясын, акырында чыгарманын көркөмдүк стилинин бөтөнчөлүгүн ачууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Каармандардын мүнөзүн ачууда таанытуучулук мааниге ээ болгон чыгарманын идеялык мазмунун түшүнөбүз. Ал эми анын тарбия берүүчү мүнөзү окуучунун инсан катары калыптанышына көркөм адабий материалдын канчалык деңгээлде гүлазык болгондугуна жараша аныкталат. Мында көркөм чыгармалардагы образдардын көп түрдүүлүгү жана милдеттери маанилүү роль ойнойт (схема 4.2.7. жана 4.2.8).


Схема 4.2.7




Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасындагы Акылбектин образын мүнөздөөнүн планын төмөндөгүдөй түзүүгө болот:

1. Акылбектин үмүт-тилеги;
2. Мекенге, балага болгон сүйүүсү;
3. Коом менен болгон байланыш-катышы;
4. Эрктүүлүгү, кайраттуулугу; ж.б.

Схема 4.2.8




Мына ушул планды белгилеп алгандан кийин, мугалим Акылбекке мүнөздөмө түзүү ишине киришет. Мүнөздөмө түзүү алдын ала мугалим тарабынан түзүлгөн план боюнча да жүргүзүлөт. Мугалим даярдалган планга ылайык мүнөздөмө түзүү ишин, окуучу драмалык чыгармаларга мүнөздөмө түзүүгө анчалык көндүм ала элек учурда, башкача айтканда, VII класста баштайт. Мугалим даярдап келген жогорку план окулат, же доскага жазылат, ошол план боюнча окуучулар жооптуу пьесадан табышат, цитаталар алышат. Окуучулар өз сөздөрү менен цитаталарды пайдаланып, жооп беришет.

Акылбектин образынын үстүндө иштөөдө, анын уулу Болотбектин портрети менен сүйлөшүүсүн талдоо чоң мааниге ээ. Бул үзүндү үн жазгычтан уктурулат, же ролдор боюнча окулат.

«Акылбек: Болотбек... Кулунум... Мени эле карайсың, түк көз айрыбай карайсың... Эмне... Мени сагындыңбы? Мен да сени сагындым... куса болдум, кулунум... Болотбек, качан келип колуңа комузуңду аласың? Ушинтип эле илинип тура береби? Келсеңчи, келип ырдап берсеңчи... Ырыңды сагындым, күүңдү сагындым... (Пауза). Унчукпайт, үн катпайт...

Болотбектин үнү угулат:

Кабак чытып мүңкүрөп,
Капалыкка берилбе.
Эл мойнуна жүк түшсө,
Найза сунуп жоо келсе,

Сарсанаага жеңилбе.
Кайраттуу бол ар дайым,
Жүгүн алып жеңилдет.
Көз ирмебей жеңип өт.

Бул ырды «ушундай болуп жүргүн» деп, мен кичинекей бала кезде өзүң үйрөтпөдүң беле. Кадимки кайратың кана, ата?! Же андан тангансыңбы?» Чынында, Болотбектин үнү - кантсе да кайтпай калган баласын бир көрүп, дидарлашсам деген Акылбектин ички каалоосу. Бул сүйлөшүүлөрдөн кийин окуучулар Акылбектин ким экендиги алардын көз алдыларына даана тартылат. Ал бир жагынан, ушундай өз Ата-Мекенин коргогон, ал үчүн жанын курман кылган жоокерди өстүрүп-тарбиялагандыгына ичинен ыраазы. Экинчи жагынан, канчалык өзүнө кайрат-күч бербесин, Акылбектин ичи ачышканы-ачышкан. Драматург

бул сценаны реалдуу сүрөттөгөн. «Бирок... Бирок ичим ачышып жатпайбы. Уруштун азап-тозогун тартып, колу-бутуңду окко жулдуруп ийсең деле мейли эле. Жеңишбегимди жетим калтырбай өзүң тирүү маңдайыма келип берсең, арман жок эмес беле. Андан бөлөктүн мага кереги жок эле го, кулунум» - деп муңканып, бирок ошол эле мезгилде зор үмүткө ишенип: «Болотбек! Болотбек! Баары бир сен келесиң! Ырaспы, келесиң! Келүүгө тийишсиң! Сенин өлгөнүңө ишенген эмесмин, азыр да ишенбейм! Түк ишенбейм! Күтөм сени! Сен келгиче өлбөй тирүү жүрө берем, чыдайм ошого, чыдайм!…». Сахнадан бул монологду Акылбек - артист М.Рыскулов айтып жатканын үн жазгычтан угузганда, эксперименттик класстын көрүүчү-угуучулары кадимкидей психологиялык-эмоционалдык абалын жаап-жашырышпай, башкы каарманга болгон аёо, боор тартуу, коргоо сезимин ачык эле билдиришти.

Планга ылайык Акылбектин образына мүнөздөмө түзүлөт. Же жогоркудай планды майда бөлүкчөлөргө бөлүп, окуучуларга суроолорду жаздырып, ага жоопту үйдөн жазып келүүнү тапшырса да болот. Алардын жазып келген жооптору боюнча класста аңгеме өткөрүлүп, туура эмес жерлерин оңдоо, толуктоо иштери мугалимдин жетекчилиги аркылуу ишке ашырылат.

Кыска сюжеттүү аңгемелер, поэмалар, ал тургай айрым повесттерди образдар боюнча талдоодо анча кыйынчылык сезилбейт. Ал эми окуу программасына сунуш кылынган романдарды образдар боюнча талдоодо көп изденүүчүлүк талап кылынат. Диссертацияда бул процесске кеңири орун берилет.

Орто мектептерде көркөм чыгарманы анализдөөдө аны композициялык жактан талдоо, башкача айтканда, чыгарманы бирдиктүүлүктө, бүтүндүктө (целостный) талдоо жүргүзүү, окуучуларды чыгарманы бүтүн-толук кабыл алууга үйрөтүүдөгү башкы маселелердин бири болуп саналат. Чыгарманы мындай талдоо бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуулукка ээ.

Орто мектепте көркөм чыгарманын композициясын талдоо татаал. Ошондуктан аны үйрөнүү, ортоңку класстарда эле башталып, улам класс жогорулаган сайын кыйындай берет. Көркөм чыгармага бирдиктүү талдоо жүргүзүү «авторду ээрчүү» деген термин менен да аталып жүрөт. Чыгарманы бүтүндөй турушунда, композициялык түзүлүшү боюнча талдоо – окуучулардын чыгарманын мазмунун түшүнүүлөрүн гана камсыз кылбастан, ошол мазмунду жазуучу кандай жол менен, кандай формада бергендигин кабылдоолоруна да мүмкүнчүлүк ача турган талдоонун маанилүү жолдорунун бири.

Композициянын бөлүктөрүнө автордук баяндоо, диалог, монолог, лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, каармандардын ар түркүн аракеттери ж.б. кирет. Бирок көркөм чыгарманы композиция боюнча


талдоодо мугалимдерди адаштырган бир жагдай бар. Композиция чыгарманын айрым бөлүктөрүнүн анчейин гана өз ара биригиши эмес, анда мазмун менен форманын көркөм-эстетикалык гармониясы берилет.

Орто мектепте көркөм чыгарманы композиция боюнча талдоо лирикалык чыгармалардан башталганы талапка ылайык. Көлөмү жагынан чакан, сюжетсиз ырларды окуганда, окуучу, биринчи кезекте, анын мазмунуна, сезимге таасир эте алган касиетине, көңүлдү көтөрүшүнө, ойго бүлүк салган, же шаңга бөлөгөн образдуулугуна көңүл бурат. Ошондой эле лирикалык ырлар прозалык, же драмалык чыгармалардай бирин-экинчиси улаган окуяларга, каармандарга, алардын аракеттерине карата окуучуларды азгырбастан, конкреттүү адамдын, же лирикалык каармандын ички толгонууларын, дилгирленген сезимин, сүйүүсүн, андан сызылып чыккан кубанычын жана кайгы-капасын, бүшүркөгөн сарсанаасын, эңсөөлөрүн, ж.б. психологиялык абалын кеңири чагылдырып, анын ушул касиетине байланыштырып, композицияны кеңири түшүндүрүп берсе болот. Лирикалык жанрдагы чыгармалар адамдагы эмоционалдуу абалды кургак баяндап бербейт, аны ар бир акын өз көз карашында карайт, б.а., лирикалык каармандардын, же автордун байкоо сезимдерине ылайык сырткы чөйрөдөгү таасирдүү көрүнүштөргө, ар кандай кубулуштарга, предметтердин адам эмоциясын ойгото турган ал-абалына салыштырып, же байланыштырып бере алгандыгы окуучуларга өзгөчө таасир жаратат. Ошол таасирдүүлүктү түзүп турган жагдай жана сюжетти аныктоочу анын элементтеринин ырааттуу сакталбагандыгы лирикалык чыгармаларды талдоодо композицияны «эркин» жана кеңири түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Лирикалык чыгармаларда автордун аракети башкы орунга көтөрүлүп, турмуштун ар кандай көрүнүштөрүнүн ал-абалын, адамга карата ошол мезгилдеги ордун, белгилүү бир учурга карата мамилесин чагылдыруу окуучуларга ырлардагы композицияны кабылдоого жеңилдик түзөт. Ошондой эле лириканын композициясын талдоо чыгарманын идеялык мазмунун терең түшүнүүгө, каармандардын санаркоосуна байланышкан ички дүйнөсүн ачууга жардам берет. Эпика жана драмага салыштырмалуу лирикалык чыгармаларды композиция боюнча талдаганда, анын элементтери болуп эсептелген лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, троптун түрлөрү ж.б. бөлүп, алардын ар бирине өзүнчө аныктама берүү окуучулар арасында аталган түшүнүктүн маанисин бир топ тереңдетип үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Окуу программасындагы А.Осмоновдун М.Алыбаевдин, Б.Сарногоевдин ж.б. чыгармаларынын тематикасына ылайык композициялык уюштурулушун үйрөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү иште көрсөтүлдү. Ошондой эле Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын мисалында да айкындалды.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгарманы талдоонун төмөнкүдөй модели сунуш кылынды (схема 4.3.9).

Схема 4.3.9



Жалпы диссертациялык иш үчүн керектүү болгон педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын натыйжалары ушул главада өзүнчө параграф катары киргизилди. Эксперименттик иштердин ар бир этабынын мазмунун жалпылаштырып, таблица түрүндө моделин бердик (таблица 4.4.1).

Таблица 4.4.1

| **Байкоо, изилдөө этабы** | | | |
|---|---|---|---|
| **Максаты** | **Милдети** | **Изилдөө методдору** | **Натыйжалары** |
| Кыргыз адабиятын окутуп -талдоо процессинин теориялык жана практикалык абалын окуп-үйрөнүү; илимий изилдөөнүн божомолдук негизин иштеп чыгуу. | Эксперимент жүргүзүүнүн негизин аныктоо, аны жүргүзүүнүн жолдорун жана максат-милдеттерин белгилөө. | 1.Педагогикалык байкоо.<br>2.Эмгектерди, тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо.<br>3.Тиешелүү маалыматтарды изилдөө.<br>4.Окуучуларды изилдөө.<br>5.Эмприкалык.<br>6.Теориялык. | 1.Кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларды талдоонун теориялык жана методикалык маселелеринин бүгүнкү абалы аныкталды.<br>2.Тажрыйбалар үйрөнүлдү, талданды.<br>3.Кыргыз адабияты мугалимдеринин теориялык суроо – талаптары, муктаждыктары такталды.<br>4.Окуучулардын билими, деңгээлдери, кызыгуулары, мүмкүнчүлүктөрү айкындалды. |
| **Аныктоо этабы** | | | |
| **Максаты** | **Милдети** | **Изилдөө методдору** | **Натыйжалары** |
| Кыргыз адабиятын орто мектептерде окутууда көркөм чыгармаларды талдоонун методикалык жана дидактикалык негиздерин аныктоо; илимий божомолду толуктоо, тактоо. | 1.Кыргыз адабияты мугалимдеринин теориялык билим деңгээлдерин аныктоо.<br>2.Мугалимдердин педагогикалык-дидактикалык, методикалык, адистик деңгээлдерин айкындоо.<br>3.Кыргыз адабиятын окутуу процессинин окуу-методикалык, материалдык–техникалык камсыз болушун талдоо.<br>4.Окуучулардын жөндөмүн, суроо- | 1.Аңгемелешүү.<br>2.Анкета алуу.<br>3.Сабактарга катышуу, талдоо.<br>4.Сабактын моделин (план-конспект) түзүү жана ал боюнча сабак өтүү, талдоо.<br>5.Окуучулардын чыгармачылыгын изилдөө.<br>6. Оозеки жана жазуу иштерин жүргүзүү жана тест алуу.<br>7.Окуучулардын дил баяндарын ж.б. текшерүү. | 1.Мугалимдердин кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларды талдоонун теориялык маселелерин канчалык деңгээлде билип, колдоно тургандыктары аныкталды.<br>2.Көркөм чыгармаларды талдоонун методикалык жана дидактикалык негиздерин жаңылоонун, толуктоонун зарылдыктары айкындалды.<br>3.Чыгармаларды талдоо процессин өркүндөтүүнүн, сабактын сапатын жогорулатуунун оптималдуу формалары, методдору сунуш кылынды.<br>4.Кыргыз адабиятын талдоонун максаты жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | талаптарын, мүмкүнчүлүктөрүн терең үйрөнүү.<br>5.Кыргыз адабиятын окутуунун сапатын жогорулатуунун жолдорун издөө. | | мазмуну боюнча мугалимдердин жана окуучулардын түшүнүктөрү талдоого алынды.<br>5.Кыргыз адабиятын окутуп-талдоонун мазмунун тактоонун зарылдыгы белгиленди.<br>6.Изилдөөнүн илимий божомолу толукталды. |
| **Текшерүү, жыйынтыктоо этабы** | | | |
| **Максаты** | **Милдети** | **Изилдөө методдору** | **Натыйжалары** |
| Кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларды талдоонун теориясы жана методикасы боюнча иштелип чыккан илимий божомолдун алгылыктуулугун (тууралыгын) текшерүү, жыйынтыктоо. | 1.Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндамаларды жасоо, семинарларды өткөрүү.<br>2.Методикалык эмгектерди жарыялоо.<br>3.Сабактын моделин өркүндөтүү.<br>5.Семинар-тренингдерди уюштуруу.<br>6.Мугалимдердин чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн терең үйрөнүү.<br>7.Окуу процессин активдештирүүнүн жолдорун тактоо. | 1.Мугалимдер, окуучулар менен аңгемелешүү.<br>2.Кайра түзүү, толуктоо.<br>3.Сабактарга талдоо жүргүзүү.<br>4.Окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн (оозеки, жазуу, тест) аныктоо.<br>5. Сабактын моделин (план конспектисин) толуктоо, өрчүтүү, ал боюнча сабак өтүү, талдоо. | 1.Орто мектепте кыргыз адабиятын окутуп-талдоонун методикалык негиздери такталды.<br>2.Окутуп-талдоонун жалпы дидактикалык жана методикалык принциптерин колдонуу толукталды.<br>3.Кыргыз адабиятын окутуудагы салттуу жана инновациялык негиздери, окутуунун активдүү формалары жана методдору иштелип чыкты.<br>4.Кыргыз адабияты боюнча окуу-методикалык комплекстерди өркүндөтүүгө сунуштар берилди.<br>5.Окутуу процессинде көркөм чыгарманы талдоодо методикалык сунуштар айтылды. |

Ата-Мекенди сүйүү, аны коргоо, ыйык тутуу тууралуу ой-сезимдерин билдирүү, өз алдынча ой жүгүртүү максатында Т.Үмөталиевдин «Кубат» поэмасын боюнча талдоого карата тажрыйба жана текшерүү класстарынын окуучуларына төмөндөгүдөй суроолорду берип, жооп алдык. Алар:

1. Мекениң үчүн сенин кандай пайдалуу салымың болушу мүмкүн?
2. Мекен үчүн сөзсүз эле согуш учурунда кам көрүү керекпи?
3.«... Унуткарсын кантип элим,


Кармашта өлгөн эрди Мекен үчүн» - деген сөздөр менен Кубат эмне кылууну ойлоду?

4. Кубат эмнеге өлүмгө башын байлады, өлбөй эле дагы душман менен кармашса болбойт беле?

5. Кубат сыяктуу дагы Кыргызстандык баатырлардан кимдерди билесиңер?

Бул суроолорго жооптордун катышы төмөнкүдөй болду. Бишкек шаарындагы №1, №5, №38, №73, Кочкор районундагы Кум-Дөбө орто мектептеринин 470 окуучусу катышты (таблица 4.4.2 ).

Таблица 4.4.2.




Тажрыйба класстарындагы окуучулардын жоопторунан, негизинен, поэманын мазмунун түшүнгөндүгүн, факты, цифра, цитаталарды ыктуу колдонушкандыгын айкындоого болот. Бирок айрым учурда маалыматтардагы так эместикти, жетишпестикти кездештирүүгө болот. Ошондой болсо да аларда поэмага карата жекече көз карашы бар, өзүнчө жыйынтыктарга, жалпылоолорго келе алат. Композициялык түзүлүштөрү тыкан, стилдик биримдиктер сакталган. Ал эми текшерүү класстардагы жооптордо окуучулардын айтайын деген ойлору так, даана ачылбай, факты, цифра, цитаталарды колдонууда айрым жетишпегендиктер байкалат. Өз алдынча ой жүгүртүү даана берилбей, колдонгон лексикалык каражаттарында жардылык мүнөздүү.

X–XI класстардагы окуучулардын көркөм чыгармалар боюнча зарыл билимге, билгичтиктерге ээ болушун жана көндүмдөрүн аныктоо максатында жыйынтыктоо сабактары өткөрүлүп, анда окуучуларга 14 түйүндүү суроолор берилип, төмөндөгүдөй жыйынтык чыкты (№1, №5, №38, №73-мектептин окуучулары катышты) (таблица 4.4.3).

Таблица 4.4.3

| Класстар | Класстагы окуучулардын саны | Билимге, билгичтикке ээ болгондор | Билимди практикада колдонгондор |
|---|---|---|---|
| IX | 90 (тажрыйба) | 78 (77 %) | 73 (65 %) |
| | 90 (текшерүү) | 65 (64 %) | 57 (54 %) |
| | Айырмасы % | + 13 % | 11 % |
| X | 86 (тажрыйба) | 72 (82 %) | 66 (75 %) |
| | 86 (текшерүү) | 59 (67 %) | 49 (62 %) |
| | Айырмасы % | +15 % | 13 % |
| XI | 94 (тажрыйба) | 76 (81 %) | 71 (76 %) |
| | 94 (текшерүү) | 52 (65 %) | 57 (63 %) |
| | Айырмасы % | + 16 % | 13 % |

Ошентип, зарыл билимге, билгичтикке ээ болгондордун айырмасы 13–16% болсо, аны көндүмгө айландырып, практикада колдоно алгандардын айырмасы 11–13%ти түздү. Мунун өзү диссертацияда иштеп чыккан системанын натыйжалуу экендигин айкындайт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА СУНУШТАРЫ

1. Көркөм чыгарманы мектептеги талдоонун методологиясы, принциптери, формалары жана ыктары окуу программасына ылайык жалпылаштырылды. Адабиятты окутуп-талдоо жүргүзүүдө мугалим менен окуучунун интерактивдүү ишмердүүлүктөрүнүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдору жана каражаттары аныкталды. Акын, жазуучулардын реалдуу турмуш чындыгын көркөм-эстетикалык жактан иштеп чыгуусундагы жана сүрөткердин индивидуалдуулугундагы, поэтикалык таанып-билүүсүндөгү тарыхый материализмди, абсолюттук идеализмди, индивидуалдуу субъективизмди, объективдүү диалектизмди ж.б. көз караштардын табиятын билим берүүнүн демократиялык салттарына ылайык ачып берүү керек. Ошондой эле чыгармалардын философиялык маани-маңызын, б.а., турмуштук, адеп-ахлактык, диний-мистикалык, социалдык-прагматикалык, позитивдүү-эстетикалык, саясий-көркөмдүк дөөлөттөрүн талдоо оң жыйынтыктарды бере тургандыгы айкындалды. Талдоону көркөм-эстетикалык асылдуулуктары менен тарыхый-поэтикалык категориялар аркылуу уюштурса да, ийгиликтүү болот. Мисалга: кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери жана оозеки көркөм мурастары; эл акындарынын чыгармалары; орус жана чыгыш элдеринин адабияты; акын, жазуучулардын кайра иштеп чыккан чыгармалары; түрк элдеринин орток байлыктары; уламышка айланган инсандардын мурастары; XIX–XX кылымдагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы ж.б.

Талдоодо аксиологиялык баалуулуктарына карата топтоштуруп үйрөтүү дагы алгылыктуу экендиги иликтөөдө байкалды. Алсак, төмөнкүдөй темаларда: социалдык-турмуш, эл башынан өткөн күндөр, адеп-ахлак, адам, Ата–Мекен, жаратылыш, жан-жаныбарлар жөнүндөгү ж.б. материалдар. Адабияттын тарыхына байланыштуу проблемаларды чечмелөөдө жана негиздөөдө системалуу анализдөө артыкчылыкка ээ. Анда көркөм чыгармаларды система катары кароо керек. Үйрөтүүдө объектинин бүтүндүгү көрсөтүлөт, андагы көп түрдүү байланыштардын типтери айкындалат жана аларды тарыхый-логикалык бирдиктүү концепцияга (XIX–XX кылымдардагы кыргыз жазма адабияты; кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы (1918–1929); кыргыз адабияты согушка чейинки мезгилде (1930–1940); согуш мезгилиндеги жана андан кийинки кыргыз адабияты (1941–1959); 1960–2010-жылдардагы кыргыз адабияты) алып келет. Бул адабияттын эволюциялык диалектикасын чагылдыруу аркылуу алардын жалпыланган системалык моделин да уюштуруп турат.

Көркөм чыгармаларды окутуп-талдоо ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу өз алдынча парадигмалар да бар. Алар: бүтүндүк, инсандык, ишмердүүлүк, ар тараптуу субъективдүүлүк, маданий-таануучулук, этнопедагогикалык, антропологиялык ж.б.

2. Көркөм адабияттын маңызын, спецификасын, пайда болушун, коомдук-эстетикалык милдетин жана тарыхый-адабий процесстин мыйзам-ченемдүүлүктөрүн изилдеген адабият таануу илими – мектепте көркөм чыгарманы талдоонун пайдубалы. Мектептик талдоо рухий-көркөм ишмердүүлүктүн коллективдүү формасы катары ишке ашкандыктан, адабияттын тарыхы, адабияттын теориясы, адабияттын сыны боюнча булактар объективдүү жана рационалдуу пайдаланылышы максатка ылайыктуу. Талдоону уюштурууда мугалим илимий жана көркөм ой жүгүртүүнүн мыйзамдарын адекваттуу айкалыштырганда гана ийгиликке жетише алат.

3. Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө, көркөм-эстетикалык нарк-насилине жана таалим-тарбиялык кудуретине жараша окутуп-талдоонун дидактикалык принциптерин (аң-сезимдүүлүк, системалуулук, илимийлүүлүк, көргөзмөлүүлүк ж.б.) майнаптуу пайдалануу оң. Ал көркөм чыгарманы талдоо аркылуу окутуу-тарбиялоо ишин активдештирет. Окуучуларды рухий-адептик жактан калыптандыруунун инсанга багытталган процессин уюштурат. Таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт жана аң-сезимдүү жүрүш-турушка, турмушка ар тараптан даяр болууга өбөлгө түзөт.

4. Билим берүү, окутуу мугалимдин стратегиялык багытын аныктаса, талдоо окуу процессинин тактикасын мүнөздөйт. Анализдөө текстти окутуу процессиндеги мугалим менен окуучунун конкреттүү, бирдиктүү

ишмердүүлүктөрү (изилдөөчүлүк, түзүүчүлүк, уюштуруучулук, коммуникативдик) аркылуу ишке ашат. Талдоо окуучунун адабий өнүгүү деңгээлинин ар түрдүү ишмердүүлүгүнө негизделет жана ар бир окуучунун улам жогорку деңгээлдерге өсүп-өнүгүү симметриясына багытталышы керек. Жамааттык жана жеке иштөө, ар бир адабий талкуу окуучулардын көп тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүп, анын татаал иш-аракети искусствону багынтышы катары каралат. Талдоонун маңызы – окуучулардын жана мугалимдердин ишмердүүлүктөрүн интенсивдештирет.

5. Окутуп-талдоо – билимди өздөштүрүүнүн жана кайра түзүүнүн татаал процесси. Ал акыл-эске объективдүү көркөм реалдуулукту чагылдырат жана аны кабыл алууну камсыз кылат. Адабий фактыны акыл-сезим аркылуу кабыл алуу, көркөм-эстетикалык объектини айкындоону, андагы айрым белгилерди айырмалоо менен рационалдуу мазмунду, образды бөлүп алууну, кабылдоону калыптандырат. Кабылдоодо жана аны чечүүдө билип-аныктоонун эки түрү бар. Анын биринчисинде, нерсенин белгилерин салыштыруу аркылуу аныктоо болсо, экинчисинде, нерселердин көпчүлүгүнө мүнөздүү касиетин жалпылаштыруу менен тастыктоо керек. Ошондуктан биз кабыл алуунун психологиялык эле эмес, педагогикалык аспектилерине да кайрылып, айкалыштырып карадык. Педагогикалык планда көркөм чыгарманы аңдаштыруунун биринчи талабы – көркөм изилдөөчүлүк болуп саналат. Мында окуучулардын максатсыз кабыл алуусун, максаттуу иш-аракеттеги кабыл алууга айландыруу керек. Окуучуда акырындык менен изденүүчүлүк, изилдөөчүлүк аракеттерди пайда кылып, өнүктүрүү маанилүү. Ал өзү менен органикалык катышта турган көркөм-түзүүчүлүктү кабыл алуунун аракетке келишин шарттайт. Демек, көркөм чыгарманы талдоодо, окуучулардагы көркөм-түзүүчүлүктү өнүктүрүү зарыл. Сабакта дайыма эркин окутууну каалаган мугалим эч качан окуучуларда көркөм- түзүүчүлүк кабыл алууну калыптандыра албайт. Мугалим ар бир сабакта аны калыптандыруу үчүн өзүнүн адабий окутуучулук эмгегин иштиктүү чен-өлчөмдөрдө алып баруусу зарыл. 1. Окуу материалдарын тандоо жана окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктап түзүп чыгуу (бул конструктивдүү мазмундук компонентти уюштурат); 2. Сабакта окуучу менен мугалимдин аракетинин структурасын пландаштыруу (бул иштиктүү-оперативдүү компонентти камсыз кылат); 3. Окутуу үчүн материалдык базасын долбоорлоо (бул окуучунун кабыл алуусуна өбөлгө түзө алган материалдык базаны, ар кандай каражаттарды ж.б. колдонууга шарт түзөт).

Акырындык менен булар эмоционалдуу таасир берүүнү пайда кылуу аркылуу класста коллективдүү көркөм-эстетикалык толгонууларды уюштурат.

6. Кыргыз адабиятын окутууда методдорду колдонуунун мазмуну жана формалары көп түрдүү болот. Окутуу методдорундагы жекеликти, жалпылыкты, маанилүүлүктү жана кокустукту аныктоо аркылуу аларды максатка ылайыктуу натыйжалуу пайдалануунун зарылдыгы келип чыгат. Бул зарылдык окутуунун методдорунун төрт түрдүү классификациясын аныктаган. Алар: а) окуучулардын активдүүлүк деңгээлине карата; б) билим алуунун булактарына жараша; в) дидактикалык максаттары боюнча; г) окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнө ылайык. Булар адабий билим берүүнүн максатына, мазмунуна, формаларына жана технологияларына жараша универсалдуу негизде пайдаланылып келе жатат. Көркөм чыгарманы окутуп-талдоодо көркөм окуу, эвристикалык, изилдөө, репродуктивдүү жана интерактивдүү методдорун айкалыштыруу аркылуу колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлдү.

7. Көркөм чыгармалардын мазмуну менен формасынын атайын касиеттеринин бирдиктүүлүгү, мүнөздүүлүгү аркылуу тек, түр, жанрлардын өзгөчөлүгү аныкталат. Ошого жараша ортоңку класстарда көркөм чыгарманы окутуп-талдоо жумушунда төмөнкү ыкмалар жетектөөчү касиетке ээ болот: үйдөн окуу, класста көркөм окуу, текст боюнча план түзүү, түшүнгөнүн оозеки айтып берүү, текстти талдоо (окуя-сюжет, образдар, композициялык түзүлүшү ж.б.), каармандарга мүнөздөмө түзүү, текстти жатка үйрөнүү, проблемалуу суроолор, интерактивдүүлүк, көркөм чыгарманын тилин талдоо ж.б. Буларды колдонуу сабактын максатына, көркөм материалдын мазмунуна, окуучулардын курактык, психологиялык өзгөчөлүгүнө жана класстын көлөмүнө жараша айкындалат. Алсак, ортоңку класстарда чыгармаларды класста көркөм окуп, текст боюнча жөнөкөй план түзүп, түшүнгөнүн толук айтып берүү көбүрөөк колдонулат. Тескерисинче, жогорку класстарда үйдөн окууга тапшырмалар арбын берилип, татаал пландар түзүлүп, түшүнгөнүн кыскача айтуу кеңири практикаланат.

Көрктүү окуу – текстти талдоого мүмкүнчүлүк ача турган ыкмалардын бири. Ал адабият сабагында ар кандай көрсөтмөлүүлүктөн жогору турат. Окуу аркылуу текстти талдоого, аны түшүнүп, баа берүүгө жетишет. Көркөм окуунун технологиясын жакшы билүү, чыгарманын образдар системасын, композициялык уюштурулушун, идеялык мазмунун жана эстетикалык касиетин өздөштүрүүгө жардам берет. Окуучулардын жекече сынаакы ойлоосун, көркөм маданиятын жана адеп-ахлагын тарбиялайт. Жалпы рухун кеңейтип, китепке кызыгуусун арттырат.

Талдоодо план түзүү – бул татаал тексттерди бөлүктөргө бөлүү, өзөктүү ойду табуу жана органикалык байланыштын логикасын көрсөтүү. Ошондуктан текстке карата план түзүүнү, көркөм текстти биринчи эле окуп чыкканда, анын мазмунун түшүнгөндө жана талдоонун процессинде да түзүүгө болот. Талдоодо жөнөкөй жана татаал план түзүү, сюжеттик-

композициялык жана тематикалык план түзүү да кеңири практикаланат. Чыгарманын мазмунун оозеки айтып берүү, адабий фактыларды, көрүнүштөрдү жана кубулуштарды окуучулардын эсинде бекем сактап калууга, сынчыл ойломуна жардам берет. Оозеки жана жазуу кептерин өстүрөт. Алардын адабий-көркөм табитинин деңгээлин жогорулатат.

Анализдөөдө чыгарманын мазмунун оозеки айтып берүүнүн төмөндөгүдөй түрлөрү колдонулат: чыгарманын мазмунун оозеки толук айтып берүү, же текстке жакындаштырып айтып берүү; чыгарманын мазмунун оозеки кыскартып айтып берүү; оозеки тандап айтып берүү; тексттин мазмунун айтууда, катышуучулардын жактарын өзгөртүп айттыруу жана интерактивдүүлүк.

Ал эми чыгармадагы катышуучу каармандар жана ага мүнөздөмө түзүүнүн жолдору, каармандардын образы жана мүнөзү, каармандын мүнөздөрүн ачууда сырткы кебетени сүрөттөө, каармандын мүнөзүн ачууда, анын жеке сапаттарын талдоо, каармандын образына мүнөздөмө түзүүнүн түрлөрү, каармандын образын ачууда пейзаждын жана буюмдардын сүрөттөлүшүнүн мааниси, лирикалык жанрдын композициясын үйрөнүү, баяндоо жанрдагы чыгармалардын композициясын өздөштүрүү, драмалык жанрдагы чыгармалардын композициясын билүү, адабий жанрлар менен тааныштыруу зарыл.

8. Жогорку класстарда чыгарманын мазмуну менен формасын бирдикте талдоо өркүндөтүлөт. Чыгармаларды тарыхый-адабий багытта үйрөнүү системалуу мүнөзгө өтөт. Лирикалык, прозалык жана драмалык чыгармалар жанрдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу үйрөтүлөт. Мында көркөм чыгарманы мектептик талдоонун салттуу жолдору жана инновациялык технологиялары колдонулат. Алар: көркөм чыгарманы окуя-сюжеттин өнүгүшү боюнча анализдөө, образдар жана композициясы боюнча талдоо. Аталган талдоолорду уюштурууда сабактардын салттуу жана салттуу эмес формаларын колдонууга болот.

Талдоодо төмөнкүдөй ыкмалар активдүү колдонулат: текстти талдоонун элементи менен айтып берүү; мугалимдин тапшырмасы боюнча чыгарманы толук, же айрым бөлүгүн, эпизодун талдоо; чыгарманын образдарын, эпизоддорун, пейзаждык, стилдик бөтөнчөлүктөрүн салыштырып талдоо, чыгарманы талдоонун жыйынтыгын конспект формасында берүү; көтөрүлгөн проблемаларды чечүүдө адабий булактарга гана таянбастан, искусствонун башка тармактарына таянуу; бир, же бир нече чыгарманы (тема, проблема, идея, тарыхый, теориялык ж.б. планда) салыштыруу; көркөм образга карата бир, же бир нече сынчылардын пикирлерин салыштырып көрүп, өз пикирин тактоо; көркөм чыгарманы анын экрандык варианты менен салыштыруу; класста окубаган чыгарманын бөлүгүн, эпизодун өз алдынча

талдоо, диспут, «мээ чабуулу», «сынчыл ойлом», проблемалык кырдаал, интерактивдүүлүк, издөө-иликтөө ишмердиги, эксперимент ж.б.

9. Көркөм чыгарманы окутуп-талдоонун методикасын өркүндөтүүчү төмөнкүдөй сунуштарды беребиз: окуу программасында көркөм чыгармалардын жыштыгы азайтылса жана окутуп-талдоонун мазмундук, дидактикалык аппараттары өркүндөтүлсө; көркөм чыгармаларды үйрөтүүгө бөлүнгөн сааттар материалдын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, таалим-тарбиялык нарк-насилине карата оптималдаштырылса; окуу китептеринин көркөм чыгармаларды окутуп-талдоо багытындагы мазмуну жана формасы динамикалуу жаңыланса; көркөм чыгармаларды окутуп-талдоо боюнча адабий-методикалык эмгектер, усулдук колдонмолор жана мугалимдердин иш-тажрыйбаларын чагылдырган жыйнактар чыгарылса.

Теориялык жана практикалык булактардын негизинде, көркөм чыгармаларга мектепте талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери системага салынды.

Ал эми байыркы кыргыз адабиятын, фольклордук мурастарды жана акындар поэзиясын окутуп-талдоонун конкреттүү актуалдуу проблемалары келечектеги изилдөөлөрдүн предмети болмокчу.

## Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:

### Монография жана илимий-методикалык куралдар


1. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери: Монография. – Б.: Кут бер, 2010. – 287 б.

2. 9-класста А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү” драмасынын композициясын окутуунун методикасы. – Б. : Илим, 1986. – 27 б.

3.10-класста Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасын проблемалуу окутуунун методикасы. – Ф.: Илим, 1986. –25 б.

4. 7-класста Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасын окутуу. – Ф.: КМУ, 1989. – 45 б.

5.«Жаңыл» драмасын окутуунун айрым маселелери. – Б.: КАА, 2001. – 19 б.

6. Лирикалык жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү. – Б.: Молор, 2003. – 20 б.

7. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн айрым проблемалары. – Б.: Молор, 2003. – 20 б.

8. Көркөм чыгарманы окуялардын (сюжеттин) өнүгүшү боюнча талдоо. – Б.: Молор, 2004. – 20 б.

9. Көркөм чыгарманы талдоонун жалпы классификациясы. – Б.: Молор, 2004. – 17 б.

10. Образды талдоонун өзгөчөлүктөрү. – Б.: Молор, 2004. – 16 б.

11. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн методологиялык принциптери. – Б.: Молор, 2005. – 32 б.

12. Драмалык жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү. – Б.: Кут бер, 2006. –16 б.

13. К.Жантөшевдин «Курманбек» драмасын IX класста предмет аралык байланышта окутуу. – Б.: Кут бер, 2009. – 20 б.

14. Көркөм адабиятты окутуунун инновациялык методдору. – Б.: Кут бер, 2010. – 28 б.

**Макалалар**

15. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн дидактикалык принциптери // Эл агартуу, 2000. – №7–8. – 8–13-бб.

16. Драмалык жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү // Мектеп-школа, – Б.: 2000. – №4. – 20–24-бб.

17. Адабият теориясы орто мектепте // Социалдык жана гуманитардык илимдер. Филология. Адабият таануу. Искусство таануу. – Б.: 2001. – №1-2. – 95–97-бб.

18. Фольклорду классификациялоо – окуу китептеринде // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. – Б.: КУУ. 2001. – Чыг. 4. –76–78-бб.

19. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү проблемасы // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия1: Гуманитардык илимдер. Филология. Адабият таануу. Искусство таануу.– Б.: КУУ, 2001. – Чыг. 4. –78–81-бб.

20. Адабият таануу – мектепте көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн илимий негизи катарында // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Тил таануу. Адабият таануу – Б.: КУУ, 2002. – Чыг.3-4. – 42–45-бб.

21. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн педагогикалык жана методикалык негиздери // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Тил таануу. Адабият таануу. – Б. : КУУ, 2002. –Чыг.3-4. – 45–47-бб.

22. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн негизги проблемасы – мазмун менен форманын биримдиги / К.К.Сартбаев – окумуштуу жана педагог. – Б. , 2002. –244–248-бб.

23. Кыргыз адабиятын окутуунун проблемалары / К.К.Сартбаев – окумуштуу жана педагог. – Б.: Бийиктик, 2002. – 216–220-бб.

24. Мектептерде көркөм чыгармаларды талдоонун проблемалары / Журналистика жана коом. – Б.: КМУУ, 2002. – 91–96-бб.

25. Жогорку класстарда ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелерин үйрөтүү / Журналистика жана коом. – Б.: КМУУ, 2002. – 96–102-бб.

26. Лирикалык жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү / Профессор Абдыкул Жапаров жана тил илими. – Б; 2002. – 209–213-бб.

27. Эпикалык чыгармаларды үйрөтүүдөгү негизги проблемалар / Алымов Бектурсун. – Б; 2003. –101–106-бб.

28. Көркөм чыгарманын идеялык мазмунун ачуу – талдоонун негизги максаты / Алымов Бектурсун. – Б., 2003. –96–101-бб.

29. Ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү / Профессор Н.Оролбаева жана тил билими менен методика илими Эл аралык илимий конференциянын материалдары. – Алматы, Абай атындагы Каз УПУ, 2003. – 42–45-бб.

30. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү / Профессор Н.Оролбаева жана тил билими менен методика илими. Эл аралык илимий конференциянын материалдары. – Алматы, Абай атындагы Каз УПУ, 2003. – 45–50-бб.

31. Орто мектептерде көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн оптималдуу усулдары / Новые информационные технологии в образовании. Алматинская международная научно-практическая конференция. – Алматы, 2003. –188–192-бб.

32. Көркөм чыгармадагы форма жана мазмундун негизги компоненттери боюнча талдоо / Новые информационные технологии в образовании. Алматинская международная научно-практическая конференция. – Алматы, 2003. –185–188-бб.

33. А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесин сюжеттин өнүгүшү боюнча талдоо // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Тил илими. Мамлекеттик тил. – Б.: КУУ, 2004. – Чыг. 3. –124–128-бб.

34. Көркөм чыгарманын образдар системасын талдоонун маселелери // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Тил илими. Мамлекеттик тил. – Б.: КУУ, 2004. – Чыг.3. –122–124-бб.

35. Көркөм чыгармага композициялык талдоо жүргүзүүнүн айрым маселелери // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Адабият таануу. – Б.: КУУ, 2004. – Чыг. 4. –32–36 -бб.

36.Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы Нүзүптүн образын окутуунун ыкмалары // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Адабият таануу. – Б.: КУУ, 2004. – Чыг. 4. –36–40-бб.

37. Адабият сабагында көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү маселелери // КАУнун жарчысы: – Б. : КАУ, 2004. – №2. –168–171-бб.

38. Окуучулардагы көркөм чыгармаларды кабыл алуунун психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү // КАУнун жарчысы: – Б.: КАУ, 2004. – №3. –274–277-бб.

39. Окуучуларды тарбиялоодо көркөм чыгармаларды үйрөтүүнүн ролу // КАУ жарчысы: – Б.: КАУ, 2006. – №2 (6). – 256–259-бб.

40. Орто мектепте окуучуларды адеп-ахлактыкка тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу // КАУнун жарчысы: – Б. : КАУ, 2006. – №1 (5). –170–174-бб.

41. Адабиятты окутуу аркылуу окуучулардын дүйнө таанымын жана көз карашын калыптандыруу // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. Адабият таануу. – Б. : КУУ, 2006. –Чыг. 4 – 42–52-бб.

42. Мектепте көркөм чыгарманы талдоонун көп түрдүлүүгүнүн биримдиги // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Филология. – Б.: КУУ, 2006. – Чыг. 4. –90–106-бб.

43. Окуучуларды көркөм чыгарманы окутууга кызыктырууда адабият мугалиминин ролу // КАУнун жарчысы: –Б.: КАУ, 2007. –№1 (7). – 449–452-бб.

44. V класста А.Токомбаевдин «Жайкы таңда» ырынын композициясын үйрөтүү // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. –Б.: КУУ, 2007. –Чыг. 5. –119–122-бб.

45. Адабият сабагындагы окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууда көрсөтмөлүүлүктүн мааниси // КАУнун жарчысы: – Б.: КАУ, 2007. –№3(8). –227–230-бб.

46. Окуучулардын көркөм чыгарманы кабыл алуусунун көп түрдүүлүгүнүн гармониясы // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Гуманитардык илимдер. Адабият таануу. –Б.: КУУ, 2007. – Чыг. 5. –69–72-бб.

47. IX класста К.Жантөшевдин «Курманбек» драмасындагы баатырлардын образдарын окутуу // КАУнун жарчысы: –Б.: КАУ, 2008. –№1(9). –296–300-бб.

48. К.Жантөшевдин “Курманбек” драмасын окутуу аркылуу Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо / Профессор Н.Оролбай жана тил билими менен методика илими. – Алматы, Эверо, 2008. –290–294-бб.

49. Интерактивдүү методду колдонуу аркылуу V класста кыргыз адабиятын окутуунун мааниси // КАУнун жарчысы: – Б.: КАУ, 2008. –№3 (11). –387–392-бб.

50. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча тажрыйбанын жүрүшү жана натыйжалары // КАУнун жарчысы: – Б.: КАУ, 2008. – №3 (11). –392–396-бб.

51. Орто мектептерде пейзаждык лирикаларды окутуунун мааниси // Известия ВУЗов: – Б.: НАК КР, 2008. – №5-6. –306–309-бб.

52. Көркөм адабиятты окутуунун методдору жана ыкмалары // КАУнун жарчысы: –Б.: КАУ, 2009. – №1 (12). –331–393-бб.

53. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы // КАУнун жарчысы: – Б.: КАУ, 2009. – №1 (12). –393–396-бб.

54. Көркөм чыгарманы окутуунун методдору // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Социалдык-гуманитардык илимдер. –Б.: 2009. – Чыг. 1. –189–193-бб.

55. Интерактивдүү методду колдонуу жолу менен А.Осмоновдун лирикаларын окутуу // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы: Серия 1: Социалдык-гуманитардык илимдер. –Б.: КУУ, 2009. –Чыг. 1. –193–197-бб.

56. Көркөм адабиятты окутуу аркылуу окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу // Казак мамлекеттик кыздар педагогикалык университетинин Хабаршысы: Педагогика сериясы. – Алматы, 2009. –№4. –165–168-бб.

57. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүдө методдорду оптималдуу айкалыштыруу // КАУнун жарчысы: –Б.: КАУ, 2009. – №5(16). –384–387-бб.

58. Кабыл алуу жана анын психологиялык негиздери / Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маселелери. –Б.: КРСУ, 2009. –31–37-бб.

59. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнүн этнопедагогикалык жана антропологиялык прициптери // КАУнун жарчысы: –Б.: КАУ, 2009. – №3 (14). –95–98-бб.

60. Развитие самостоятельности учащихся посредством изучения прозаических произведений // Вестник Казахского национального педагогического университета имени Абая: Серия Филологические науки. – Алматы, 2010. – №1 (31). – С.101–104.

61. Воспитание патриотизма учащихся посредством изучения драмы К.Маликова, А.Куттубаева «Джаныл Мырза» // Вестник Казахского национального педагогического университета имени Абая: Серия Филологические науки. – Алматы, 2010. – №1 (31). – С. 99–101.

62. Методология жана көркөм чыгармаларды окутуп-талдоо проблемалары // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы.– Б.: КМУ, 2011. - Чыг. 1 (2). 157–160-бб..

63. Мектепте көркөм чыгарманы анализдөөнүн жолдору жана ыкмалары // К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин илимий-практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты.– Б.: БГУ, 2011. - Чыг. 19. 151–153-бб.

64. Жалпы дидактикалык принциптерди көркөм чыгармаларды талдоодо колдонуу / К.Сартабаевдин 100 жылдыгына арналган Эл аралык

илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Б.: КУУ, 2011. 86–91-бб.

Мындан тышкары 80ге жакын илимий-методикалык макалалар жарык көргөн.

**Батаканова Светлана Топчиевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча “Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери” аттуу темадагы диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** методология, педагогика, дидактика, психология, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы, тек, түр, жанр, мазмун, форма, талдоо, тема, идея, сюжет, образ, композиция, интерактивдүүлүк, инновация, компетенттүүлүк ж.б.

**Изилдөөнүн объектиси:** жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** жалпы билим берүүчү орто мектептердеги кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгармаларды талдоо жана аларды ишке ашыруунун илимий-дидактикалык технологиялары.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык, социологиялык-педагогикалык, эксперименттик жана статистикалык.

**Алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы:** мектептердеги кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгармаларды окутуп-талдоонун методологиясы жана семантикасы ареалдык негизде өркүндөтүлдү; лирикалык, эпикалык, драмалык чыгармалардын поэтикалык өзгөчөлүгүнө жараша талдоонун адекваттуу принциптери, методдору, ыкмалары жана жолдору, каражаттары аныкталды; көркөм чыгарманы кабыл алуунун психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, анализдөөнүн этаптары, деңгээлдери, инновациялык сабактардын моделдери сунушталды жана алардын адабий билим берүүнүн мазмунундагы орду менен окуучулардын көркөм-эстетикалык маданиятын өнүктүрүүдөгү мыйзам-ченемдүүлүктөрү негизделди; көркөм чыгармаларды окутуунун, талдоонун жана тарбиялоонун теориясы менен технологиясы иштелип чыгып, системасы түзүлдү.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** диссертациянын мазмун-маңызы адабият боюнча билим берүүнүн, тарбиялоонун концепциясын жана стандартын өркүндөтүүгө жардам берет. Мектептерде көркөм чыгармаларды талдоо боюнча окуу-методикалык комплекстердин мазмунун байытат. Изилдөөнүн материалдары окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча адис окумуштуулар үчүн зарыл.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Батакановой Светланы Топчиевны на тему: «Научно-педагогические основы анализа художественных произведений в процессе преподавания кыргызской литературы в средней школе» на соискание ученой степени доктора педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания**

**Ключевые слова**: методология, педагогика, дидактика, психология, теория и методика обучения и воспитания, род, вид, жанр, содержание и форма, анализ, тема, идея, сюжет, образ, композиция, интерактив, инновация, компетенция и.др.

**Объект исследования:** процесс преподавания кыргызской литературы в общеобразовательной средней школе.

**Цель работы:** научно-дидактические технологии анализа художественных произведений на уроках кыргызской литературы в общеобразовательной средней школе.

**Методы исследования:** теоретический, социолого-педагогический, экспериментальный, статистический.

**Полученные результаты и их новизна:** совершенствованы методология и семантика анализа художественных произведений на уроках кыргызской литературы в школе; определены адекватные средства, пути, методы анализа поэтических особенностей лирических, эпических, драматических произведений; предложены модели инновационных уроков, уровни, этапы анализа художественных произведений, а также обоснованы их место в художественном образовании и закономерности развития художественно-эстетической культуры учеников; составлены и разработаны система теории и технологии воспитания, анализа и преподавания художественных произведений.

**Рекомендации по использованию, область применения:** материалы диссертации помогут совершенствовать преподавание литературы, концепцию и стандарты воспитания. Обогатит содержание учебно-методических комплексов анализа художественных произведений в школе. Материалы исследования необходимы ученым, специалистам по теории и методике обучения и воспитания.

# RESUME

Batakanova Svetlana Topchuevna

**“The scientific and pedagogical bases of the works of art analysis in the process of teaching the Kyrgyz literature at schools”. The thesis is submitted to confer the Academic Degree of Pedagogic. Specialty: 13.00.02 – the theory and methods of teaching and upbringing**

**Key words:** methodology, pedagogy, didactics, psychology, theory and methods of education and training, origin, view, genre, content and form, analysis, theme, idea, plot, image, composition, interactive, innovation, competence and other.

**The research object** is the process of teaching the Kyrgyz literature at schools providing general education.

**The research subject** is the scientific and pedagogical bases of the works of art analysis of the Kyrgyz literature at schools providing general education.

**The aim of the thesis** is the scientific and didactical technologies of the works of art analysis at the Kyrgyz literature lessons at schools providing general education.

In the research the following **methods** have been used: theoretical, comparative, system approach, sociological and pedagogical, experimental, statistical.

**The results obtained and their novelty:** includes the improvement of the methodology and semantics analysis of works of art at the Kyrgyz literature lessons at schools; the adequate principles, means, ways and methods of poetical peculiarities analysis of lyrical, epic, dramatical works have been defined; the models of innovational lessons, levels, stages of the analysis of works of art have been proposed, besides their role in the artistic formation and conformities of development the artistic and aesthetical culture of pupils have been substantiated; the psychological and pedagogical peculiarities of perception of Kyrgyz works of art have been considered; the system of theory and technology of upbringing, analysis and the works of art teaching have been worked out.

**Recommendations for the use, range of application:** the research materials can help in improvement the literature teaching, conception and upbringing standards; enrich the content of teaching and methodical complexes of the works of art analysis at schools. The research materials may be necessary for scholars, specialists on the theory and methods of teaching and upbringing.



Формат 60х84 $^{1}/_{16}$ бумага офсетная. Объем 3,25 печ. листа.
Тираж 200 экз.

Отпечатано ОсОО «Кут-Бер» г. Бишкек, ул. Медерова, 68